КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
20___ж. "___" ______________ ӨТКӨРҮЛДҮ
№ ______________ КҮБӨЛҮК
Алгачкы катталган күнү 20___ж. "___" ___
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
«28» 08 2025 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № 7834-Ц
Дата первичной регистрации "___" ______ 20___ г.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИНИН
№ 89 «13» август 2025-ж.
БУЙРУГУ МЕНЕН БЕКИТИЛДИ

КАНЦЕЛЯРИЯ

# “И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети” Мекемесинин
# УСТАВЫ

Бишкек - 2025

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. «И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети» Мекемеси (мындан ары – Университет) Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1954-жылдын 24-августундагы №9309-р чечиминин негизинде, Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1954-жылдын 4-сентябрындагы Жарлыгы жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1954-жылдын 11-сентябрындагы Токтому менен Фрунзе политехникалык институту болуп түзүлгөн.

Кыргызстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-жылдын 5-февралындагы №374-XII Токтомунун негизинде Фрунзе политехникалык институту Бишкек политехникалык институту болуп өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 4-майындагы №146 Жарлыгы менен Бишкек политехникалык институтунун базасында Кыргыз техникалык университети жана Кыргыз архитектуралык-курулуш институту түзүлгөн. Кыргыз архитектуралык-курулуш институту Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 6-январындагы №11 Жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетине кайра түзүлгөн.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы жана Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №414 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө" токтому менен И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети укук мураскорунун статусун белгилөө жана ага Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетин жана У.Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иштери жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетин кошуу жолу менен кайра түзүлгөн.

3. Бишкек техникалык колледжи Бишкек машина куруу техникуму катары СССР Өкмөтүнүн токтому жана СССРдин курал-жарак министринин 18.06.51 ж. №404 буйругу менен, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 05.02.96 ж. №36\1 жана 18.03.09 ж. №182\1 буйруктары менен Бишкек техникалык техникуму Бишкек техникалык колледжи болуп өзгөртүлгөн. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 16.12.2022 ж. №2770/1 буйругунун негизинде И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети ага Бишкек техникалык колледжин кошуу жолу менен кайра уюштурулган.

4. Б.С. Шаршенбаев атындагы №43 кесиптик лицейи 1979-ж. айыл чарбасы боюнча механизаторлордун мектеби болуп уюшулган. 31.03.1989-ж. КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин 11.07.1988-ж. №842 токтому менен кесиптик лицей болуп кайра уюштурулуп, №43 кесиптик-техникалык окуу жайы болуп кайра түзүлгөн. Билим берүү министрлигинин 18.06.1996-ж. №5 коллегиясынын чечими менен №43 кесиптик лицей болуп өзгөртүлгөн. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 15.01.2025-ж. №38/1 буйругунун негизинде Б.С. Шаршенбаев атындагы №43 кесиптик лицейи жана анын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Арашан айлынын Чуңкурчак капчыгайында жайгашкан окуу полигону И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине өткөрүлүп берилди.

5. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин, У. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иштери жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетинин, Бишкек техникалык колледжинин жана Б.С. Шаршенбаев атындагы №43 кесиптик лицейинин мураскери болуп эсептелет.

6. Университеттин толук фирмалык аталышы:

1) кыргыз тилинде: «И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети» Мекемеси;

2) орус тилинде: Учреждение «Кыргызский государственный технический университет имени И. Раззакова»;

3) англис тилинде: Institution «Razzakov Kyrgyz State Technical University».

Университеттин кыскартылып аталышы:

1) кыргыз тилинде: «И. Раззаков атындагы КМТУ»;

2) орус тилинде: «КГТУ им. И. Раззакова»;

3) англис тилинде: «Razzakov Univeristy».

7. Университеттин жайгашкан орду:

720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 66.

8. Уюштуруу-укуктук формасы – мекеме. Менчик формасы – мамлекеттик.

9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана кесиптик жогорку жана орто билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – Министрлик) Университеттин уюштуруучулары болуп саналат.

10. Университет өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, локалдык ченемдик актыларды жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

11. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар» Жарлыгы менен Университетке өзгөчө статус берилген.

12. Университет билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-агартуу, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка иштерди жогорку кесиптик (мындан ары – ЖКББ), жогорку окуу жайынан кийинки, кошумча кесиптик, орто кесиптик (мындан ары – ОКББ), кесиптик башталгыч (далее – КБББ) билим берүү, жалпы орто билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү мекемеси болуп саналат.

13. Университет юридикалык жак болуп саналат, өзүнчө мүлкү жана өз алдынча балансы, казыналык бөлүмдөрүндө өздүк эсептери, коммерциялык банктарда эсептешүү жана атайын валюталык эсептери, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн расмий мөөрү, өзүнүн аталышында штамптары жана бланктары, ошондой эле логотиби болот.

14. Университет өз ишинин натыйжаларынын оперативдүү бухгалтердик жана статистикалык эсебин жүргүзөт, белгиленген тартипте мамлекеттик башкаруу органдарына жана статистикалык мекемелерге отчетторду берет.

15. Университет өз атынан келишимдерди жана башка келишимдерди түзүүгө, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга ээ болууга жана ишке ашырууга, милдеттенмелерди алууга, мамлекеттик жана коомдук уюмдар, юридикалык жана жеке жактар менен мамилелерде өзүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын көрсөтүүгө, өз алдынча ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга укуктуу.

16. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде оперативдүү башкаруу укугунун негизинде өзүнө бекитилген мүлккө ээлик кылат жана пайдаланат. Университет өзгөчө статуска ылайык Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу менен атайын каражаттардын эсебинен сатып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү өз алдынча тескөөгө (ажыратууга, өзгөртүүгө, ижарага берүүгө), ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн келип түшкөн каражаттарды тескөөгө укуктуу.

17. Университетте саясий партиялардын, коомдук-саясий жана диний кыймылдардын жана уюмдардын уюштуруу түзүмдөрүн түзүүгө жана ишмердүүлүгүнө жол берилбейт.

18. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен ассоциацияларга (биримдикке) кирүүгө укуктуу.

## 2. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ, ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ПРЕДМЕТИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

19. Университеттин миссиясы – илимдин, техниканын, технологиянын жана дүйнөлүк билим берүү мейкининдеги интеграцияларды Кыргыз Республикасын инновациялык өнүктүрүүгө багытталган эмгек рыногунун, коомдун, экономиканын жана мамлекеттин керектөөлөрүнө ылайык атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү программаларын өнүктүрүү жетишкендиктеринин негизинде жогорку сапаттагы техникалык билим берүүнү ишке ашыруу жана интеграциялоо.

20. Университеттин максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) коомдун жана мамлекеттин квалификациялуу адистерге болгон керектөөлөрүн канааттандыруу;

2) фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү, окуу процессинде алынган натыйжаларды пайдалануу, ошондой эле практикалык колдонуу максатында өндүрүштүн тармактык трансфер технологияларды өткөрүп берүү.

21. Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети болуп, төмөнкүлөр саналат:

1) Университеттин өзгөчө статусуна ылайык өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде жогорку билим берүүнүн жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

2) Университеттин профили боюнча фундаменталдык, колдонмо илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү;

3) жогорку билимдүү кесиптик билими бар адистерди, жогорку квалификациядагы педагогикалык жана илимий-педагогикалык кадрларды кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

4) кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу;

5) мамлекеттик билим берүү стандарттарына, Университеттин билим берүү стандарттарына, кызыкдар тараптардын, лицензиялык жана аккредитациялык талаптарына ылайык орто жалпы, ОКББнын, КБББнын билим берүү программаларын ишке ашыруу;

7) Университеттин профили боюнча фундаменталдык, колдонмо илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжалары боюнча продукцияларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу;

22. Университеттин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) ЖКББга, ОКББга, КБББга, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билимге, ошондой эле орто жалпы билимге ээ болуу аркылуу инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө болгон керектөөлөрүн канааттандыруу;

2) коомдун жана мамлекеттин жогорку, орто, башталгыч кесиптик билими бар квалификациялуу адистерге, жогорку квалификациядагы илимий жана педагогикалык кадрларга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу;

3) илимий-педагогикалык кызматкерлердин жана студенттердин илимий-изилдөө жана чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу илимди өнүктүрүү, алынган натыйжаларды окуу процессинде пайдалануу, фундаменталдык, изилдөө жана колдонмо илимий-

изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди өзүнүн ишмердүүлүгүндөгү профилдер, анын ичинде билим берүүнүн көйгөйлөрү боюнча иштерди уюштуруу жана жүргүзүү;

4) жеке жана юридикалык жактар менен түзүлгөн контракттык келишимдердин негизинде Университеттин профили боюнча жогорку билимдүү, ошондой эле жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кызматкерлерди, жетекчилерди, адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

5) коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана өркүндөтүү;

6) билим алуучуларга патриоттук сезимди, элди, улуттук каада-салттарды, Кыргызстандын руханий мурастарын сүйүүгө жана урматтоого, Университеттин аброюн урматтоого тарбиялоо;

7) билим алуучулардын жарандык позициясын, азыркы заманбап цивилизациянын, демократиянын жана рыноктук өндүрүштүк мамилелердин шарттарында иштөөгө жана жашоого жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;

8) мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү, билимди калк арасында жайылтуу, анын билим берүү жана маданий деңгээлин жогорулатуу;

9) илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыгы бар багыттары боюнча адистер даярдалган билим берүүнүн профилдерине ылайык окуу, окуу- методикалык, илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык жана инновациялык ишмердүүлүктү өркүндөтүү;

10) материалдык өндүрүш, билим берүү, илим, техника жана башкаруу тармактарында алардын ишинин жогорку сапатын жана натыйжалуулугун камсыз кылуучу кадрларды даярдоонун жаңы формаларын, ыкмаларын жана технологияларын иштеп чыгуу;

11) окуу пландарын жана программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле окуу процессин ишке ашыруу үчүн окуу китептерин, окуу- методикалык колдонмолорду жана окуу адабияттарын иштеп чыгуу, басып чыгарууга даярдоо жана басып чыгаруу;

12) үзгүлтүксүз билим берүү системасын түзүүгө жана өнүктүрүүгө катышуу;

13) орто жалпы билим берүү, КБББ жана ОКББ билим берүү уюмдары менен кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү;

14) Университеттин жамаат мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн интеллектуалдык менчик объекттерин өзүнүн кызыкчылыгына пайдалануу;

15) дүйнөлүк илимий жана билим берүү системасына интеграциялоо жана илимий-техникалык продукцияны биргелешип иштеп чыгуу максатында билим берүү, илимий жана башка уюмдар менен эл аралык илимий-техникалык кызматташтыкты кеңейтүү;

16) эл аралык, республикалык, региондук жана университеттер аралык конференцияларды, көргөзмөлөрдү жана башка иш-чараларды өткөрүү;

17) Университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү, студенттер үчүн зарыл социалдык-турмуштук шарттарды түзүү;

18) билим алуучуларды жалпы адамзаттык баалуулуктардын, бийик атуулдуктун, улуттук каада-салттарды жана башка элдердин укуктарын сыйлоонун негизинде тарбиялоо;

19) инсандын гармониялык өнүгүшү, эмгек жамаатынын бардык мүчөлөрүнүн ден соолугун чыңдоо үчүн шарттарды түзүү;

20) стартаптарды түзүү жана бизнес түзүмдөр менен кызматташуу аркылуу изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштыруу;

21) ресурстарды, менторлукту жана каржылоону колдонуу мүмкүндүгүн берүү менен стартаптарды өнүктүрүү үчүн инкубаторлорду жана акселераторлорду түзүү жана колдоо;

22) өзүнүн ойлоп табууларын патенттөө жана технологияларды жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн коммерциялык пайдалануу үчүн лицензиялоо;

23) жаңы адистиктерди жана кадрларды даярдоонун жаңы багыттарын киргизүү;

24) туруктуу өнүгүүнү жана өсүүнү камсыз кылуу үчүн өздүк финансылык ресурстарды жана активдерди башкаруу;

25) изилдөөлөрдү коммерциялаштыруу, инвестицияларды тартуу жана акы төлөнүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн кеңейтүү аркылуу киреше булактарын диверсификациялоо.

23. **Университет алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн:**

1) өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарына жана өзгөчө статустун талаптарына ылайык ЖКББнын адистерин даярдоонун жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу билим берүүнүн формаларын, технологияларын жана ыкмаларын аныктайт, педагогикалык ишке заманбап технологияларды киргизет;

2) мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык ОКББнын, КБББнын бүтүрүүчүлөрүн, ошондой эле орто жалпы билим берүү боюнча даярдоонун сапатын камсыз кылуучу окутуунун формаларын жана ыкмаларын аныктайт;

3) илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштердин пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышын камсыз кылат;

4) фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү, башка илимий-техникалык, эксперименталдык-конструктордук иштерди, анын ичинде билим берүү маселелери боюнча дагы алынган жыйынтыктарды билим берүү процессинде уюштурууну жана жүргүзүүнү камсыздайт;

5) Университеттин кызматкерлери тарабынан түзүлгөн интеллектуалдык менчик объектилерин өндүрүшкө киргизүүгө көмөк көрсөтөт, Кыргыз Республикасынын илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыгы бар багыттарын аныктоого катышат;

6) өзүнүн ишмердүүлүк багыттары боюнча эл аралык кызматташтыкты ишке ашырат;

7) рыноктун талаптары менен өз ара аракеттенүүнүн негизинде жана Университеттин билим берүү стандарттарына ылайык окуу пландарын жана билим берүү программаларын иштеп чыгат жана өркүндөтөт;

8) чет өлкөлүк университеттер менен биргелешкен билим берүү программаларын уюштурууга жана ишке ашырууга катышат;

9) студенттерди, Университетте билим алып жаткан башка адамдарды, профессордук-окутуучулук курамды жана илимий кызматкерлерди эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышат;

10) эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар менен бирдикте же алардын буйрутмасы боюнча илимий-изилдөө жана иштелмелерди, маданий, социалдык багыттагы билим берүү долбоорлорун, анын ичинде квалификацияны жогорулатуу чөйрөсүндө, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүнүн башка багыттарында ишке ашырат;

11) Университеттин кызматкерлеринин спорттук-ден соолукту чыңдоосун, дарылоо-профилактикалык жана маданий-агартуу иштерин камсыз кылуусун жана жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн өзүнүн социалдык базасын өнүктүрөт;

12) улуттук жана эл аралык рейтингдерге катышат;

13) өзүнүн ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча жеке сектор менен кызматташтуулукту ишке ашырат;

14) каржылык автономия жана каржылык ресурстарды башкаруу боюнча жаңы технологияларды жана ыкмаларды ишке киргизет.

## 3. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА БАШКА КЫЗМАТТАРДЫН ТИЗМЕСИ, АЛАРДЫ КӨРСӨТҮҮНҮН ТАРТИБИ

24. Университеттин негизги билим берүү жана илимий кызматтары:

1) жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын, анын ичинде биргелешкен программаларды ишке ашыруу;

2) ОКББнын, КБББнын, жалпы орто билим берүүнүн, ошондой эле кошумча кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруу;

3) адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий жана илимий-педагогикалык кызматкерлерди (илимдердин кандидаттарын жана докторлорун, PhD/профиль боюнча докторлорду) даярдоону ишке ашыруу;

4) Университеттин профилине ылайык фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыгы бар багыттары боюнча илимий, илимий-методикалык, илимий-техникалык, илимий-өндүрүштүк жана инновациялык ишти жүзөгө ашыруу;

5) коомдун актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталган фундаменталдык жана колдонмо илимдер тармагында изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү;

6) адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жаатында, ошондой эле илимий, илимий-техникалык жана инновациялык изилдөөлөр чөйрөсүндө эл аралык кызматташтык;

7) илимий-өндүрүштүк, инновациялык, окуу-практикалык түзүмдүк бөлүмдөрдү жана/же биргелешкен ишканаларды жана мекемелерди түзүү (уюштуруу);

8) илимий-өндүрүштүк, инновациялык, окуу-практикалык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана/же биргелешкен ишканалардын жана мекемелердин ишинин натыйжалары боюнча консультациялык кызматтарды жана эксперттик корутундуларды берүү жана алардын иштеп чыгууларын коммерциялаштыруу;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка иштерди жүргүзүү.

25. Университет жогорку кесиптик жана жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүү укугуна тиешелүү лицензиясыз, ошондой эле билим берүү программаларынын башка түрлөрү үчүн (ОКББ, КБББ) билим берүү ишин жүргүзүү укугуна тиешелүү лицензияны алган учурдан тартып ишке ашырат.

Университет мыйзамда белгиленген тартипте институционалдык жана программалык аккредитациялардан өтөт жана өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнө Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкактарына ылайык жана билим берүү программаларын аккредитациялоо сертификаттарынын негизинде квалификациянын тийиштүү деңгээли боюнча мамлекет тарабынан бекитилген документтерди берүүгө укуктуу.

Университет жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу (изденүүчүлөрдү, аспиранттарды, докторанттарды ж.б. даярдоо) укугуна аккредитациядан өткөндөн кийин ээ болот.

26. Университетте адистерди даярдоо эмгек рыногунун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

27. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында белгиленген, максаттары боюнча айырмаланган, студенттердин теориялык жана практикалык даярдыгын ырааттуу тереңдетүүнү камсыз кылган кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларын ылайык жүргүзүлөт.

28. Университет республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик билим берүү гранты боюнча, ошондой эле жеке жана юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде окуу акысын төлөө менен кадрларды даярдайт.

29. Мамлекеттик билим берүү гранты боюнча адистерди даярдоо планы Министрлик жана Университет тарабынан аныкталат.

## 4. УНИВЕРСИТЕТКЕ КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ. СТУДЕНТТЕРДИ ЧЫГАРУУНУН ТАРТИБИ

30. Өзгөчө статуска ылайык Университет бакалавриат жана адистиктер боюнча окууга кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгат, бекитет.

31. Өзгөчө статуска ылайык Университет студенттердин санын өз алдынча аныктайт жана бош орундарды, башка болгон шарттарды эске алуу менен студенттерди кабыл алуу планын бекитет.

32. Университет «Кыргыз Республикасынын жождоруна кабыл алуу эрежелери» жана Министрлик менен макулдашылган «КМТУнун ОКББнын негизги кесиптик билим берүү программаларына кабыл алуу эрежелери» укуктук акттарга ылайык билим берүү программалары боюнча гранттык окууга кабыл алууну жарыялайт. Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгы боюнча гранттык жана контракт боюнча окууга кабыл алуу ЖКББга, ошондой эле орто жалпы билим берүү жөнүндөгү аттестаттын же негизги жалпы билим берүү документинин орточо баллынын негизинде автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу ишке ашырылат. КБББга гранттык окутууга кабыл алуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

33. Университет абитуриенттерди кабыл алууда жана (же) алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) ушул Устав менен, аккредитациялык күбөлүктөрү, окуу процессин уюштурууну жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

34. Университеттин биринчи курсуна мамлекеттик билим берүү грантынын эсебинен окууга кабыл алынган жарандардын саны жана аларды кабыл алуунун түзүмү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен гранттык орундардын квотасынын чегинде, сынактын негизинде абитуриенттердин төмөнкү категориялары ырастоочу документтери болгон учурда кабыл алынат: I, II топтоrу майыптар, бала кезинен ден соолугунун мүмүкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар,  этностук кыргыздар, 2002-жылдын l7-18-мартынла Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, 2010-жылдын апрель-июнунда жана 2021-жылдын апрель айларында болгон окуялардын кесепетинен каза бопгон адамдардын балдары, кайрылман статусуна ээ адамдар.

35. Студенттерди Университетке которуу, окуудан чыгаруу жана калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

36. Университетке мамлекеттик билим берүү гранты боюнча кабыл алынганда жана кирүү сынактарын (жалпы республикалык тестирлөө) ийгиликтүү тапшырган шартта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерден пайдаланган жарандар конкурстан тышкары кабыл алынат.

37. Университеттин биринчи курсуна орто жалпы билими, башталгыч кесиптик, орто кесиптик же кесиптик жогорку билими жөнүндө мамлекеттик документи бар адамдар кабыл алынат. Магистратурада окуу үчүн конкурска катышуу укугуна жогорку кесиптик билими жөнүндө диплому бар адамдар ээ. «Магистр» же «адис» дипломy менен тастыкталган жогорку кесиптик билими бар адамдар PhD/профиль боюнча докторлорунун программалары боюнча окуу үчүн конкурска катышууга укуктуу. Кесиптик башталгыч жана кесиптик орто билим берүү программасын аяктаган адамдар

жалпы республикалык тестирлөөдөн өтпөстөн, Университетте тармак боюнча окууну улантууга укуктуу. Тиешелүү профилдеги кесиптик орто билими бар адамдар, ошондой эле жогорку кесиптик билими бар адамдар тездетилген билим берүү программалары боюнча жогорку кесиптик билим ала алышат.

38. Чет өлкөлүк студенттерди Университетке кабыл алуу эрежелери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Университеттин локалдык ченемдик актылары менен жөнгө салынат. Тапшыруучулар кирүү сынактарын мамлекеттик же расмий тилде тапшырууга укуктуу.

39. Окууга кабыл алууну уюштуруу кабыл алуу комиссиясы тарабынан ишке ашырылат. Университеттин филиалдарына кабыл алуу филиалдын кабыл алуу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

40. Университетте ар бир студент үчүн белгиленген тартипте өздүк дело түзүлөт.

41. Билим алуучуларга белгиленген үлгүдөгү тиешелүү күбөлүк берилет.

Университетте билим алуучулардын укуктары жана милдеттери колдонуудагы мыйзамдар, Университеттин Уставы жана локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

42. Студент, угуучу, окуучу, магистрант, PhD/профиль боюнча докторанты, изденүүчү, абитуриент, докторант тиешелүү билим берүү программалары боюнча окуу үчүн жана изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн ректордун буйругу менен Университетке белгиленген тартипте кабыл алынган адам болуп саналат.

43. Университетте окуп жаткан студенттерге Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарында, ошондой эле Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте төмөндөгүлөргө байланыштуу академиялык өргүү берилет: ден соолугуна, баланын төрөлүшүнө, аскердик кызматка чакырууга, үй-бүлөлүк жана башка жагдайлар менен байланышкан башка өзгөчө учурларда, ошондой эле Университетте окуусун улантууга тоскоол болгон табигый кырсыктарга байланыштуу учурда.

Мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окуп жаткан жана жүйөлүү себептер (ден соолугунун абалы, үй-бүлөлүк абалы, республиканын чегинен убактылуу чыгуу, мөөнөттүү аскер кызматын өтөө) менен окуусун токтоткон адамдар үч жылдын ичинде ошондой эле (гранттык) негизде окууга кайра калыбына келтирилүү укугуна ээ.

44. Күндүзгү бөлүмдүн студенттери жана мамлекеттик билим берүү гранты боюнча билим алып жаткандар мыйзамда белгиленген тартипте стипендия жана социалдык колдоонун башка чаралары менен камсыз кылынат.

Юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишим боюнча билим алуучулар келишимдерде каралган шарттарга ылайык окууга жөнөткөн тараптын эсебинен стипендия алууга укуктуу.

45. Университет киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөн, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын кайрымдуулугунан жана мыйзамда тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен түшкөн каражаттарынан номиналдык стипендияларды, социалдык төлөмдөрдү жана материалдык колдоонун башка түрлөрүн белгилөөгө укуктуу.

46. Университетте окуган жана турак жайга муктаж болгон билим алуучулар жатаканадан орун алышат. Жатаканага жайгашуу, коммуналдык жана башка турмуш-тиричилик кызматтары Университеттин белгиленген нормаларына ылайык кошумча төлөнөт. Жатаканада жашап, билим алып жаткан ар бир студент менен белгиленген формада келишим түзүлөт.

47. Университеттин студенттерине башка кесиптик жогорку билим берүү уюмдары которуу эркиндиги кепилденет.

48. **Билим алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) орто жалпы билим берүүнүн жана ОКББ, КБББ билим берүүнүн программалары үчүн тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын, ошондой эле жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларына Университеттин билим берүү стандарттарынын койгон талаптарынан төмөн болбогон кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү алууга;

2) бул стандарттардын чегинде жеке билим берүү кызматтарын тандоо, анын ичинде өнөктөш университеттер менен биргелешкен билим берүү программаларынын алкагында аралыктан окутуу технологияларын колдонууга;

3) Университеттин тиешелүү бөлүмдөрү арасында макулдашуу менен Университеттин мамлекеттик билим берүү стандартынын жана Университеттин стандарттарынын алкагында сунуштаган тандоо боюнча курстардын, профилдердин жана адистиктердин комплексин тандоого;

4) Университетте өтүүчү сабактардын кошумча түрлөрүнө акы төлөнүүчү негизде барууга;

5) башка кесиптик билим берүү программа боюнча окууга же Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында аныкталган тартипте башка кесиптик жогорку билим берүү уюмуна өтүүгө;

6) Университетте окууну улантуу үчүн калыбына келтирүүгө;

7) китепкананы, маалымат фонддорун, спорттук имараттарды, Университеттин иштеп жаткан окуу, илимий, медициналык жана башка бөлүмдөрүнүн кызматтарын акысыз пайдаланууга;

8) илимий-изилдөө иштеринин бардык түрлөрүнө, конференцияларга, симпозиумдарга, семинарларга катышууга, өзүнүн иштерин жарыялоого сунуштоого, анын ичинде Университеттин басылмаларына берүүгө;

9) Университеттин тиешелүү локалдык актысына жана университет менен ишкананын ортосундагы келишимге ылайык жумуш ордунда окутуу;

10) өзүнүн адамдык ар-намысын коргоого, Университеттин буйруктарын жана тескемелерин Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте даттанууга;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеңилдиктерге;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Куралдуу күчтөрдүн катарына чакыруудан кийинкиге калтырууга (күндүзгү билим алуу формасы боюнча);

13) Университеттин ишмердүүлүгүнүн маанилүү маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга.

49. **Билим алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана Университеттин стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

2) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана Университеттин стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде теориялык билимдерди, кесиптик көндүмдөрдү жана илимий изилдөөлөрдүн заманбап ыкмаларын билүүгө;

3) ЖКББнын же ОКББнын, КБББнын, орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программасынын бардык талаптарын аткарууга;

4) Университеттин Уставын, ички тартипти сактоого;

5) сабактардын бардык түрлөрүнө катышууга жана окуу планында жана окуу программаларында каралган тапшырмалардын бардык түрлөрүн белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга;

6) адептүүлүктүн жалпы кабыл алынган ченемдерин жетекчиликке алууга, жалпы маданиятты жогорулатууга ар дайым умтулууга, адеп-ахлактык жана физикалык жактан жакшыртууга, улуттук салттарды урматтоого;

7) Университеттин мүлкүнө сак мамиле кылууга, ал эми материалдык чыгым келтирилген учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүү уюмуна келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликти тартууга.

50. Студенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарга жана милдеттерге ээ.

51. Окуудагы, илимий изилдөөдөгү жана башка иштердеги ийгиликтери үчүн студенттерге ар кандай формадагы материалдык жана моралдык жактан дем берүүчү Университеттин карамагында болгон каражаттардын чегинде берилет, ошондой эле Президенттик жана башка жеке стипендияларга сунушталат.

Окуу пландарын аткарбагандыгы, окуу учурунда, жатаканада ушул Уставдын талаптарын, Университеттин ички тартибин бузгандыгы үчүн студенттерге тартиптик жаза чаралары, анын ичинде Университеттен чыгарууга чейин чара колдонулушу мүмкүн.

52. Университеттин угуучулары болуп, жогорку окуу жайына чейинки даярдоонун түзүмдүк бөлүмдөрүндө, квалификациясын жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо курстарында окуган адамдар саналат. Угуучулардын укуктук абалы студенттин статусуна ылайык келет жана бул түзүмдүк бөлүмдөрдүн Жобосу менен аныкталат.

53. Доктoранттар/илимдин докторунун даражасын изденүүчү болуп, илимдин кандидаты/ (PhD)/профиль боюнча илимий даражасына ээ болгон, илимдин доктору илимий даражасын алууга диссертация даярдоо үчүн докторантурага/изденүүчүлүккө тапшырган адамдар саналат.

54. PhD/профиль боюнча докторанттары болуп магистрдик же адистик диплому бар, PhD/профиль боюнча доктору илимий даражасын алуу үчүн диссертацияны даярдоо үчүн PhD/профиль боюнча докторантурага катталган адамдар саналат.

55. Аспиранттар/илимдин кандидатынын даражасын изденүүчү болуп, жогорку кесиптик билими бар, аспирантурада/изденүүчүлүктө окуп жана илимдердин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертация даярдап жаткан адамдар саналат.

56. Магистранттар болуп, жогорку кесиптик билими жөнүндө диплому бар, магистратурада окуп жана бүтүрүү квалификациялык ишине даярданып жаткан адамдар саналат.

57. Бакалаврлар жана адистик боюнча билим берүү программалары аркылуу окуп жаткан студенттер болуп, жалпы орто же башталгыч кесиптик, же кесиптик орто билими бар, бакалавриатта жана адистикте окуп жаткан жана окутуунун жыйынтыгы боюнча бүтүрүү квалификациялык ишин даярдаган адамдар саналат.

58. ЖКББнын адистиги боюнча билим берүү программалары аркылуу окуп жаткан студенттер болуп орто жалпы же башталгыч кесиптик, же кесиптик орто билими бар, адистикте окуп жаткан жана окутуунун жыйынтыгы боюнча дипломдук ишин даярдаган жана/же мамлекеттик экзамен тапшырган адамдар саналат.

59. ОКББнын адистиги боюнча билим берүү программаларында аркылуу окуп жаткан студенттер болуп негизги же орто жалпы же кесиптик башталгыч билими бар, адистик боюнча билим алып жаткан жана окуунун жыйынтыгы боюнча бүтүрүү квалификациялык ишин даярдаган жана/же мамлекеттик экзаменди тапшырган адамдар саналат.

60. Негизги же орто жалпы билими бар, кесиптик башталгыч билим берүү кесиби боюнча билим берүү программаларында окуп жаткан жана окуунун жыйынтыгы боюнча бүтүрүү квалификациялык ишин даярдаган адамдар кесиптик лицейдин окуучулары болуп саналат. Зарыл болгон учурда негизги жалпы билими жок адамдарга кесип алуу үчүн шарттар түзүлөт.

61. Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окуучулар болуп физикалык-математикалык профилдүү мектепте даярдыктан өтүп жаткан адамдар саналат.

62. Студент жеке арызы боюнча ректордун буйругу менен Университеттен өз демилгеси боюнча чыгарылышы мүмкүн:

- өз каалоосу боюнча (конкреттүү себептерин көрсөтпөстөн);
- башка кесиптик жогорку билим берүү уюмуна өткөндүгүнө байланыштуу;
- оорусуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалымкатынын негизинде);
- үй-бүлөлүк шарттарга байланыштуу.

63. Университеттин администрациясынын демилгеси боюнча окуудан чыгаруу тийиштүү окуу бөлүмүнүн жетекчисинин рапортунун сунушу боюнча ректордун буйругу менен ишке ашырылат:

- академиялык карызы үчүн;
- окуу тартибин бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбоо, университет менен байланышты жоготуу, академиялык өргүүнүн мөөнөтү аяктагандан кийин андан чыкпай коюу);
- ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;
- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтпөгөндүгүнө байланыштуу;
- студент эркиндигинен ажыратууга же окуусун улантуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган башка жазага соттолгон соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин укукка каршы аракеттерди жасагандыгы үчүн;
- окутууга кеткен чыгымдардын орду толтурулбагандыгына байланыштуу.

Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгарууда студентке окуудан чыгаруунун себептери жана мөөнөттөрү жөнүндө жазуу жүзүндө милдеттүү түрдө билдирилет.

64. Университеттин Уставында жана ички тартип эрежелеринде каралган милдеттерди бузгандыгы үчүн студентти окуу жайдан чыгаруу андан жазуу жүзүндө түшүндүрмө алгандан кийин жүргүзүлөт.

Өз каалоосу боюнча чыгарып салуулар студенттин арызы берилген күндөн тартып, бир айдан ашпаган мөөнөттө жүргүзүлөт.

Студент ооруп жатканда, каникулда, академиялык өргүүдө, боюнда же төрөткө байланыштуу өргүүдө жүргөндө окуудан чыгарууга жол берилбейт.

65. Физикалык-математикалык профилдүү мектеп, кесиптик лицей, колледж, бакалавриат, магистратура, аспирантура жана докторантура программалары боюнча окутуунун жана Университеттен чыгаруунун тартиби, Университетте билим алып жаткандардын башка укуктары жана милдеттери, алардын социалдык кепилдиктери жана жеңилдиктери, укуктук абалы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Университеттин локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

## 5. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

66. Университетте билим берүү КБББнын, ОКББнын, ЖКББнын, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн, жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларына ылайык даярдоо багыттар (адистиктер), кесиптер боюнча, ошондой эле Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин тизмесине ылайык жүзөгө ашырылат.

67. ЖКББнын, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары Университеттин билим берүү стандарттарына жана башка кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык ишке ашырылат.

68. Университетте билим берүү процессин уюштуруу КБББнын, ОКББнын, ЖКББнын билим берүү программалары боюнча окуу процессинин графиги жана академиялык календары менен жөнгө салынат.

69. Билим берүү программасы окуу планын, окуу курстарынын иш программаларын, предметтерди, дисциплиналарды (модулдарды) жана студенттерди

даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарды, ошондой эле окуу, өндүрүштүк жана башка практиканын түрлөрүнүн программаларын, академиялык календарды, календардык окуу графигин жана тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу КБББнын, ОКББнын, орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде жана Университтетин ЖКББ стандартынын негизинде эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен Университет тарабынан өз алдынча иштелип чыкан жана бекитилген методикалык материалдар менен камсыздайт.

70. Университет жыл сайын билим берүү программаларындагы окуу планында бекитилген дисциплиналардын (модулдардын) курамын жана (же) окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларынын мазмунун, окуу жана өндүрүштүк практиканын программаларын, тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдарды жаңыртып турат.

71. Университетте квалификациялардын ар кандай деңгээлдеги билим берүү программалары илимий-педагогикалык кызматкердин студент менен милдеттүү сабактарынын көлөмү боюнча айырмаланган ар кандай формаларда жана түрлөрдө өздөштүрүлөт (күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу жана аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен экстернат формасында, жумуш ордунда окутуу).

72. ЖКББнын, ОКББнын программаларын аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен жана экстернат формасында ишке ашырууга Университет күндүзгү форма боюнча окутууну жүргүзгөн адистиктер жана даярдоо багыттары боюнча уруксат берилет. Мында тиешелүү Тизмеге ылайык, ошондой эле Университеттин бекитилген локалдык ченемдик актылары менен сырттан жана экстернат формасында даярдоо тыюу салынбайт.

Окутуунун ар түрдүү формаларын айкалыштырууга жол берилет.

73. Билим берүүнүн бардык формалары үчүн тиешелүү бирдиктүү билим берүү стандарты жарактуу.

74. Орто жалпы билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы үчүн КБББнын билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 10 айдан эки жылга чейин жана ОКББ үчүн – 2 жыл 10 ай.

Күндүзгү окуу формасында ЖКББнын билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү:

1) «бакалавр» квалификациялык деңгээлин алуу үчүн – 4 жыл;

2) «адис» квалификациялык деңгээлин алуу үчүн – 5 жыл;

3) «магистр» квалификациялык деңгээлин алуу үчүн – 2 жыл;

4) «PhD/ профиль боюнча доктору» квалификациялык деңгээлин алуу үчүн – 4 жылга чейин.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөр күндүзгү-сырттан (кечки) жана аралыктан окутуунун технологияларын колдонуу менен сырттан окуу формалары үчүн, ошондой эле ККББнын, ОКББнын, ЖКББнын программаларын ишке ашырууда билим берүүнүн ар кандай формаларын айкалыштырган учурда жана/же жумуш ордунда окутууда көбөйүшү мүмкүн.

75. Кесиптик башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программасын аяктаган адамдар жалпы республикалык тестирлөөдөн өтпөстөн жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында адистик боюнча окуусун улантууга укуктуу.

Тиешелүү профилдеги кесиптик орто билими бар адамдар, ошондой эле жогорку кесиптик билими бар адамдар тездетилген билим берүү программалары боюнча жогорку кесиптик билим ала алышат.

Мында окутуунун мөөнөттөрү тандалган билим берүү программасынын мазмунуна жараша аныкталат.

Тиешелүү профилдеги кесиптик башталгыч билими бар адамдар мурунку билим берүүнүн жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча орто кесиптик билим алууга укуктуу.

76. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

77. Университетте билим берүү процесси мамлекеттик, расмий жана/же чет тилдерде жүргүзүлөт.

78. Окуу жылы эки негизги семестрден (күзгү жана жазгы) жана кошумча (жайкы жана кышкы) семестрден турат, алардын ар бири окуу планында каралган окуунун жыйынтыктарына көзөмөл жүргүзүү формасы менен аяктайт.

Университеттин окуу жылынын башталышы жана аяктоо мөөнөтү Академиялык календарга ылайык белгиленет.

79. Окуу процессин уюштуруу, анын ичинде окуу жылынын узактыгы, студенттердин милдеттүү окуу сабактары менен жумалык жүктөмү, сынактык сессиялардын жана каникулдардын мөөнөттөрү жана узактыгы, ошондой эле практикалык сабактардын аяктоо формалары жана түрлөрү, окуу сабактарынын түрлөрү, контролдоо системасы ошол эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

80. Университетте окуу сабактары лекциялар, консультациялар, семинарлар, практикалык сабактар, лабораториялык, контролдук, өз алдынча иштөө, студенттик илимий иштер, практика жана курстук иш (долбоор) түрүндө өткөрүлөт. Университет окуу сабактарынын башка түрлөрүн да түзүшү мүмкүн.

81. Аудиториялык окуу сабактарынын бардык түрлөрү эки академиялык саат 90 мүнөткө созулат. Бир академиялык саат 45 мүнөттү түзөт. Окутуунун формасына жана колдонулган технологияларга жараша окуу сабактарынын узактыгы ар кандай болушу мүмкүн жана тиешелүү локалдык ченемдик укуктук акт менен жөнгө салынат. Окуу сабактарынын ортосундагы тыныгуу он мүнөттөн кем болбойт.

82. Окуу, өндүрүштүк жана башка практикалардын түрлөрү КБББ, ОКББ үчүн мамлекеттик билим берүү стандартында жана Университеттин ЖКББ үчүн стандартында каралган окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлөт.

83. Университет адистерди даярдоонун ар кандай мөөнөттөрүндөгү жана деңгээлдериндеги интеграцияланган билим берүү программаларын (тармактар аралык, университеттер аралык, эл аралык, жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин өнөктөш университеттери менен биргелешкен) жана кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат.

84. Жумуш ордунда окутуу дуалдык окутуу, практика, такшалма жана шакирттик практика, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен практикалык жана тарбиялык мүнөздөгү башка иш-чаралар аркылуу ишке ашырылат.

85. Университетте ECTSтин негизиндеги кредиттик билим берүү технологиясы жана студенттердин билимин баалоо үчүн модулдук-рейтингдик система колдонулат. Студенттердин билими, кесиптик жөндөмдөрү жана көндүмдөрү окуу процессин уюштуруу боюнча, ошондой эле алардын билимин баалоонун учурдагы көрсөткүчтөрү жана аралык аттестациялоо боюнча тиешелүү жана локалдык ченемдик актылар менен аныкталат.

86. Университет окуу процессин максаттуу уюштуруу, билим берүүнүн формаларын, ыкмаларын жана окутуунун каражаттарын, аралыктан окутуу технологияларын тандоо аркылуу билим алуучуларга белгилүү деңгээлдеги жана

багыттагы (адистик) кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнө шарттарды түзөт.

87. Университет билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын жетишүүгө көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашыруу менен, студенттерди орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо жолу аркылуу баалайт.

Университетте билимин бүтүрбөгөндөргө белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымдама берилет.

88. Орто аралык аттестация курстук сынактарды тапшыруу, курстук иштерди (долбоорлорду) коргоо, окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлүүчү практиканын түрлөрү боюнча отчеттор түрүндө өткөрүлөт. Кээ бир учурларда, орто аралык аттестация академиялык окуу дисциплинаны өздөштүргөндү аяктагандан кийин окуу семестрдин ичинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

89. Эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышкан жана биргелешкен билим берүү программаларында окуган студенттерге башка кесиптик жогорку билим берүү уюмунда, анын ичинде чет өлкөлүк окуу жайында окуган дисциплиналары эсепке алынат.

90. КБББнын, ОКББнын же орто жалпы билим берүүнүн же Университеттин талаптарындагы ЖКББнын программасы үчүн окуу планын жана тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлиндеги программаларды толук көлөмдө аткарган студенттер Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга кирүүгө уруксат алышат. Жыйынтыктоочу аттестациянын формасы Университеттин локалдык ченемдик актылары менен аныкталат. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүгө даярдоо багытына, адистигине, кесипке ылайык келген квалификациялык деңгээл ыйгарылат.

91. Университеттин бүтүрүүчүсүнүн жыйынтыктоочу аттестациясы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

92. Университет мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн адамдарга билиминин жана (же) квалификациясынын тийиштүү деңгээли жөнүндө Университеттин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик документ берет.

Бүтүрүүчүлөргө өздөрүнүн каалоосу боюнча окуусун улантуу же чет өлкөдө ишке орношуу үчүн Университет тиешелүү билим деңгээли жөнүндө өз үлгүсүндөгү академиялык маалымкатын (Diploma Supplement) чет тилинде (англис, немис ж.б.) ректордун колу коюлуп, Университеттин мөөрү менен күбөлөндүрүлүп берилет.

93. ККББ, ОКББ, ЖККБ бүтүрүүчүлөрү сертификаттоодон өтүүгө укуктуу. Сертификаттоо кесиптик уюмдар, иш берүүчүлөрдүн ассоциациялары жана бирликтери тарабынан жүзөгө ашырылат.

94. Университеттин бүтүрүүчүсүнө жана Университетти аяктаганга чейин окуусун таштап кеткен студентке өздүк делосунан билими жөнүндө, анын негизинде ал студенттердин катарына кабыл алынгандыгы тууралуу документин берет. Документтин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү өздүк делодо калат. Калган бардык документтер (окууга кабыл алуу, бүтүргөндүгү же чыгарылгандыгы тууралуу буйруктардан көчүрмөлөр, зачеттук китепчеси, студенттик билет ж.б.) сактоо үчүн өздүк делосунда калат.

95. Университеттен чыгарылган билим алуучуга билими жөнүндө документтин түп нускасы жана белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат (транскрипт) финансылык жана материалдык карыздары, анын ичинде билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окутуунун наркынын ордун толтургандан кийин берилет.

## 6. ИЛИМИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

96. Университеттин илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү башкаруу органы болуп, Илимий-техникалык кеңеш (мындан ары – ИТК) саналат. ИТКнын курамын Университеттин ректору бекитет, анын иши Университеттин ректорунун буйругу менен бекитилүүчү Илимий-техникалык кеңеш жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.

97. Илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүк илимий-изилдөө институттары, кафедралар жана илимий лабораториялар тарабынан жүзөгө ашырылат.

98. Университетте илимий-изилдөө иштери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ошондой эле Илимий-техникалык кеңеш жөнүндө Жобо жана илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу Университеттин башка ченемдик укуктук актыларына ылайык уюштурулат жана жүргүзүлөт.

99. Университеттин илимий ишинин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү артыкчылыктуу өнүктүрүү, жаңы илимий-техникалык продукцияны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

2) илимий мектептерди калыптандыруу жана өнүктүрүү;

3) Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн илимий, социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык проблемаларын чечүү үчүн илимий потенциалды пайдалануу;

4) илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуу процессинде пайдалануу;

5) актуалдуу илимий-техникалык көйгөйлөрдү чечүү максатында экономиканын тармактары менен илимий-техникалык кызматташтыктын перспективдүү формаларын өнүктүрүү;

6) республиканын илимий мазмундуу керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, анын ичинде программалык продуктыларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн илимий-өндүрүштүк жана инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү;

7) билим берүү мекемелери жана башка уюмдар менен, анын ичинде эл аралык уюмдар менен илимий кызматташтыкты кеңейтүү.

100. Университет илимий ишмердүүлүктүн негизги багыттарына ылайык, сапаттуу иштөө үчүн шарттарды жана эмгектин коопсуз шарттарын камсыздоо менен илимий ишмердүүлүктү Университеттин ИТКсы тарабынан бекитилген тематикалык пландарга ылайык ишке ашырат.

Келишимдер боюнча аткарылуучу демилгелүү изилдөөлөрдү, илимий-изилдөө иштерин, ошондой эле башка чыгармачылык иштерди пландоо окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча ректор тарабынан бекитилүүчү тематикалык пландарга ылайык Университет тарабынан ишке ашырылат.

101. Илимий-изилдөө иштери Кыргыз Республикасындагы фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыгы бар багыттарына ылайык жүргүзүлөт.

102. Университетте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн илимий-изилдөөчүлүк жана башка илимий-инновациялык түзүмдүк бөлүмдөр түзүлүшү мүмкүн.

103. Университетте илимий-изилдөө иштери төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

1) профессордук-окутуучулук курамга, окумуштууларга жана башка кызматкерлерге өздөрүнүн жеке иш пландарына ылайык;

2) магистранттарды, аспиранттарды, докторанттарды, стажер-изилдөөчүлөрдү өздөрүнүн жеке окуу пландары менен даярдыктарына ылайык;

3) студенттер тарабынан курстук иштердин, бүтүрүү квалификациялык иштердин, окуу жана илимий пландарда каралган башка илимий-изилдөө иштеринин жүрүшүндө,

студенттик илимий ийримдерде, студенттик бюролордо жана студенттердин илимий чыгармачылыгынын башка уюмдарында.

104. Илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иштер төмөнкү каражаттардын эсебинен каржыланышы мүмкүн:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен;

2) тармактык министрликтер, мамлекеттик башкаруунун башка республикалык органдары, уюмдар, анын ичинде чет өлкөлүк келишимдик негизде;

3) Университеттин бюджетинин эсебинен;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан.

105. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндө илимий-изилдөө иштеринин планынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик жалпысынан түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерине, илимий иштер боюнча проректоруна жана Университеттин ректоруна жүктөлөт. Университеттин илимий-изилдөө институттарында илимий изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жоопкерчилик тиешелүү институттун директоруна жүктөлөт.

106. Түзүмдүк бөлүмдөрдө жүргүзүлүп жаткан илимий-изилдөө иштеринин абалы жөнүндө отчеттор алардын отурумдарында, ИТКнын отурумдарында дайыма угулуп турат. Илимий-изилдөө иштеринин абалы жөнүндө жалпы отчет жыл сайын Университеттин Окумуштуулар кеңешинде угулат.

107. Студенттердин илимий-изилдөө иштери окуу процесси менен тыгыз байланышта анын ажырагыс уландысы катары жүргүзүлөт. Студенттердин илимий-изилдөө иштери окуу процессине кирген жана сабактан тышкары аткарылуучу иштерге бөлүнөт.

108. Студенттердин окуу процессине киргизилген илимий-изилдөө иштеринде төмөнкүлөр каралат: тапшырмалардын аткарылышы, лабораториялык иштери, илимий изилдөөлөрдүн элементтерин камтыган курстук жана бүтүрүү квалификациялык иштери; практика, мезгилинде илимий-изилдөө мүнөзүндөгү конкреттүү стандарттык эмес тапшырмаларды аткаруусу, ошондой эле стартаптар.

109. Студенттердин окуудан тышкаркы мезгилде жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштери төмөнкү формада уюштурулат: студенттик илимий ийримдердеги иштөөсү; студенттердин топтордо же жекече түрдө келишимдерди ишке ашырууга катышуусу; студенттик конструкторлук, долбоорлук, технологиялык, маалыматтык бюролорунда иштөөсү.

110. Илимий-педагогикалык кызматкерлердин, кызматкерлердин жана студенттердин илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарыялоо үчүн Университеттин илимий-практикалык журналдары басылып чыгуучу басмакана борборун уюштурат.

111. Продукцияга интеллектуалдык менчик укугу жаатында Университет менен анын кызматкерлери менен студенттеринин ортосундагы мамилелер Университеттин интеллектуалдык менчик жаатындагы саясаты менен жөнгө салынат.

## 7. УНИВЕРСИТЕТТИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ШТАТЫН ЖЫЙНАКТОО ТАРТИБИ, ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ, АЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

112. Өзгөчө статуска ылайык, Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу кызматкерлердин штаттык бирдигин Университет өз алдынча аныктайт.

Университетте илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам (педагогикалык), илимий кызматкерлер), административдик-башкаруучулук, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү, өндүрүштүк жана башка түрдөгү персоналдын кызмат орундары каралган.

113. Профессордук-окутуучулук (педагогикалык) кызмат орундарына институттун директору, жогорку мектептин директору, филиалдын директору, колледждин директору, кесиптик лицейдин директору, физикалык-математикалык профилдүү мектептин директору, кафедра башчысы, профессорлор, доценттер, улук окутуучулар, окутуучулар, окуу программаларынын жетекчилери, өндүрүштүк окутуунун усталары кызматтары кирет.

114. Илимий кызмат орундарына башкы илимий кызматкер, улук илимий кызматкер, жетектөөчү илимий кызматкер, кенже илимий кызматкер кызматтары кирет.

115 Университетте педагогикалык ишмердүүлүккө төмөндөгүлөргө уруксат берилет:

1) жогорку окуу жайынан кийинки жана PhD/профиль боюнча доктору боюнча – илимий даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар адамдар;

2) ЖКББ боюнча – магистр жана адистик боюнча жогорку кесиптик билими бар адамдар;

3) КБББ, ОКББ боюнча – бакалавр боюнча орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими, ошондой эле магистрлик же адистик билими бар адамдар;

4) жалпы орто билим берүү боюнча – орто педагогикалык кесиптик билим берүүдөн төмөн эмес билими бар адамдар.

116. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясы тиешелүү деңгээли жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтер менен ырасталышы керек.

117. Төмөнкү адамдар үчүн педагогикалык ишмердүүлүккө жол берилбейт:

1) соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнө ылайык педагогикалык ишмердүүлүк укугунан ажыратылгандар;

2) атайлап оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгондугу жоюлбаган же алына электер;

3) мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп табылгандар;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен тизмеде каралган оорулары барлар.

118. Университеттин кызматкерлерин (педагогикалык, профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер, административдик-башкаруучулук, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү, өндүрүштүк жана башка түрдөгү персоналды) ишке алуу, бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына же келишимде (контракт) каралган шарттарга ылайык жүргүзүлөт. Ошол эле учурда, өзгөчө статуска ылайык, Университет профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартибин өз алдынча аныктоого укуктуу.

119. Ректор Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актысында белгиленген жылдык мониторинг жана баалоодон өткөн профессордук-окутуучулук (педагогикалык) курамды кийинки окуу жылдарында (семестрлерде) кафедранын окуу жүктөмүнүн кыскарышына байланыштуу бошотууга укуктуу.

120. Университеттин бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын, ушул Уставдын, Университеттин ички эрежелеринин жана башка локалдык ченемдик актылардын талаптарын сактоого милдеттүү.

Эмгек тартибин бузгандыгы үчүн Университеттин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын ченемдерине ылайык дисциплинардык жоопкерчиликке тартылышат.

121. Илимий-педагогикалык (педагогикалык) кызматкерлер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ЖКББнын программасы үчүн жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнү Университеттин өзгөчө статусуна ылайык сабак берүү дисциплиналарынын мазмунун Университеттин талаптарына жана стандарттарына, ошондой эле КБББнын, ОКББнын, жалпы орто билим берүү программалары үчүн мамлекеттик билим берүүнүн талаптарына ылайык аныктоого;

2) окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун камсыздаган окутуунун ыкмаларын, каражаттарын жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү эркин тандоого;

3) өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн тиешелүү уюштуруучулук жана материалдык-техникалык камсыздоо алууга;

4) кесиптик ишмердигине жыл сайын мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышууга;

5) Университеттин окуу, илимий жана ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнүн маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

6) имараттарды жана маалыматтык фонддорду, лабораториялардын, кабинеттердин, китепканалардын, маалымат алуу борборлордун, окуу жана илимий мекемелердин, социалдык-күнүмдүк, маданий жана башка бөлүмдөрдүн кызматтарынан ушул Уставда белгиленген тартипте акысыз пайдаланууга;

7) мыйзамда белгиленген тартипте Университеттин администрациясынын буйруктарына жана көрсөтмөлөрүнө даттанууга.

122. Университеттин илимий-педагогикалык (педагогикалык) кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун жана Университеттин стандарттарынын жана талаптарынын деңгээлинде студенттердин билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

2) билим алуучулардын өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, аларда жогорку адеп-ахлак нормаларын тарбиялоого, кесиптик сапаттарды, жарандык позицияны, цивилизациянын жана демократиянын шарттарында жашоого жана иштөөгө жөндөмдүүлүктү калыптандырууга;

3) өздөрүнүн билим деңгээлин жана квалификациясын дайыма жогорулатууга, илимий изилдөөлөрдү жана чыгармачылыктын башка формаларын жүргүзүүгө, аларга студенттерди жигердүү тартууга, Университеттин Уставынын ченемдерин аткарууга.

123. Илимий-педагогикалык (педагогикалык) кызматкерлер үчүн ээлеген кызмат ордуна жана (же) адистигине жараша алардын ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жумуш убактысынын узактыгы Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык белгиленет. Педагогикалык кызматкерлерге айкалыштырып иштөөгө, анын ичинде окшош кызмат орду, адистиги боюнча иштөөгө уруксат берилет.

Эмгекке жана өргүүгө акы төлөөнүн шарттары, тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

124. Университеттин бардык кызматкерлери (илимий-педагогикалык (педагогикалык), административдик-башкаруучулук, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү, өндүрүштүк жана башка персоналдын түрлөрү) Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында жана Университеттин локалдык ченемдик актыларында каралган укуктарга жана милдеттерге ээ.

Кызматкерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

125. Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлери негизги кызмат орду менен бир эле мезгилде кызматтык милдеттерин айкалыштыруу шарттарында аткара алышат: Университеттин кафедра башчысы, окуу түзүмдүк бөлүмдүн директору (анын орун басары), түзүмдүк бөлүмүнүн башчысы.

Административдик-башкаруучу персонал кызмат орундарын айкалыштыруу шарттарында педагогикалык иш менен да алектенсе болот. Бул иштерди аткаруунун шарттары эмгек мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Университеттин локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

126. Административдик-башкаруучулук, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка персоналдын кызмат орундары келишимдик (контракттык) негизде жүргүзүлөт.

127. Бардык илимий-педагогикалык (педагогикалык) кызматкерлер жыл сайын Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик акт менен жөнгө салынуучу мониторинг жана баалоодон өтүшөт.

## 8. УНИВЕРСИТТИН ТҮЗҮМҮ

128. Өзгөчө статуска ылайык, Университет Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу менен ички уюштуруучу-башкаруу түзүмүн өз алдынча аныктайт.

129. Университеттин курамына төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөр: башкармалыктар, институттар, жогорку мектептер, филиалдар, департаменттер, кафедралар, кафедралардын филиалы, борборлор, жогорку окуу жайына чейинки даярдоонун окуу бөлүмдөрү (физикалык-математикалык профилдүү мектеп, колледждер, кесиптик лицейлер), бөлүмдөр, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо бөлүмдөрү, илимий-изилдөө институттары жана лабораториялар, технопарктар, медициналык, конструктордук-технологиялык, өндүрүштүк-коммерциялык, басма жана башка түзүмдөр кирет. Университет ата мекендик жана чет элдик уюмдар менен биргелешкен юридикалык түзүмдөрдү түзө алат.

130. Өзгөчө статуска ылайык, Университет өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнүн статусун жана аталышын, алардын ишмердүүлүгүн уюштуруу тартибин, ошондой эле алардын жетекчилигине жана кызматкерлерине карата талаптарды өз алдынча аныктайт.

Университет өзү түзгөн түзүмдүк бөлүмдөрдөгү окуу жана илимий процесстердин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн жоопкерчиликти алат.

131. Филиал Университеттин өзүнчө жайгашкан бөлүмү катары, Университет тарабынан уруксат берилген билим берүү, илимий жана социалдык же башка иш-чараларды жүзөгө ашырат.

132. Филиалдардын ишин жетектөө Университеттин Уставына жана ректору тарабынан бекитилген «Филиал жөнүндө жобого» ылайык жүзөгө ашырылат.

133. Филиалдын ишмерүүлүгүн башкаруу илимий даражасы жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында окуу- методикалык, илимий жана уюштуруу иштеринде тажрыйбасы бар, 65 жаш куракка чейинки адамдардын ичинен Университеттин ректорунун буйругу аркылуу кызматка дайындалган (бошотулган) директор ишке ашырат. Филиалдын директору Университеттин ректору тарабынан берилген ишеним каттын негизинде иш алып барат.

134. Филиалда шайлануучу өкүлчүлүктүү орган – филиалдын Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Филиалдын Окумуштуулар кеңешин түзүүнүн тартиби, ыйгарым укуктары жана иши «Филиал жөнүндө жобо» менен аныкталат.

135. Филиалдын түзүмүндө кафедралар жана илимий изилдөө лабораториялары болот. Филиал түзүмдүк бөлүм түзбөй туруп эле, бул программа боюнча жетекчи дайындоо менен билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

136. Институт – Университеттин түзүмдүк административдик бөлүмү болуп саналат. Институт төмөндөгү функцияларды аткарат:

1) ЖКББнын билим берүү программасынын жана кошумча кесиптик билим берүүнүн жана табигый-техникалык багыттары боюнча жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн программаларынын аткарылышын көзөмөлдөйт;

2) кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир чөйрөсү үчүн илимий, илимий-педагогикалык кадрларды жана профилдер боюнча адистерди даярдоону фундаменталдык, колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү ишке ашырууну көзөмөлдөйт;

3) окуу процессинин жүрүшүн жана студенттердин практикасынын бардык түрлөрүнүн өтүшүн, ошондой эле окуу сабактарынын графигинин аткарылышын көзөмөлдөйт;

4) семестр ичинде билимдин учурдагы көзөмөлүн, ошондой эле курстук сынактарды өткөрүүнү уюштурат;

5) студенттерге белгиленген тартипте стипендия дайындайт;

6) окуу китептерин, окуу- методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча кафедралардын ишин координациялайт жана көзөмөлдөйт, студенттердин кафедраларда, чыгармачылык ийримдерде жана илимий коомдордо жүргүзүлүп жаткан илимий-изилдөө иштерине жалпы жетекчиликти камсыз кылат.

137. Институтка директор жетекчилик кылат. Институттун директору 65 жаш курактан ашпаган, тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы илимий даражасы бар жогорку квалификациялуу, тажрыйбалуу илимий-педагогикалык кадрлардын ичинен ректордун буйругу аркылуу, эмгек келишимдин негизинде 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

Институттун директорун кызматка дайындоонун жана мөөнөтүнөн мурда бошотуунун тартиби Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актылар менен аныкталат.

138. Институттун ишинин негизги маселелерин кароо үчүн Университеттин ректору бекиткен тиешелүү Жобонун негизинде иш алып барган Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Институттун Окумуштуулар кеңешине институттун директору жетекчилик кылат. Институттун түзүмүндө кафедралар жана илимий изилдөө лабораториялары болот. Институт түзүмдүк бөлүм түзбөй туруп эле, бул программа боюнча жетекчи дайындоо менен билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

139. Жогорку мектеп – Университеттин түзүмдүк административдик бөлүмү болуп саналат. Жогорку мектеп төмөндөгү фунцияларды аткарат:

1) ЖКББнын билим берүү программасын, кошумча кесиптик билим берүүнү жана гуманитардык, экономикалык багыттар жана искусствонун маданияты тармактары боюнча жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууну координациялайт;

2) кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир чөйрөсү үчүн илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону, ошондой эле адистерди даярдоо профилинде фундаменталдык, колдонмо мүнөздөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү координациялайт;

3) окуу процессинин жүрүшүнө жана студенттердин практикасынын бардык түрлөрүнүн өтүшүнө, ошондой эле окуу сабактарынын графигинин аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашырат;

4) семестр ичинде билимге учурдагы көзөмөлдү, ошондой эле курстук сынактарды өткөрүүнү уюштурат;

5) белгиленген тартипте студенттерге стипендия дайындайт;

6) окуу китептерин, окуу- методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча кафедралардын ишин координациялайт жана көзөмөлдөйт, студенттердин кафедраларда, чыгармачылык ийримдерде жана илимий коомдордо жүргүзүлүп жаткан илимий-изилдөө иштерине жалпы жетекчиликти камсыз кылат.

140. Жогорку мектепке директор жетекчилик кылат. Жогорку мектептин директору тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы илимий даражасы бар жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлардын ичинен ректордун буйругу аркылуу эмгек келишиминини негизинде 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

Жогорку мектептин директорун кызматка дайындоонун жана мөөнөтүнөн мурда бошотуунун тартиби тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актылар менен аныкталат.

141. Маданият жана искусство багыттары боюнча программаларды ишке ашыруучу кафедраларды камтыган жогорку мектептин директору илимий даражасы

жана илимий наамы жок жогорку квалификациялуу адистердин ичинен дайындалышы мүмкүн.

142. Жогорку мектептин ишинин негизги маселелерин кароо үчүн Университеттин ректору бекиткен тиешелүү Жобонун негизинде иш алып барган Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Окумуштуулар кеңешине жогорку мектептин директору жетекчилик кылат.

143. Жогорку мектептин түзүмүндө кафедралар жана илимий лабораториялар болот. Жогорку мектеп түзүмдүк бөлүм түзбөстөн, программанын жетекчисин дайындоо менен билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

144. Колледж – Университеттин түзүмдүк административдик бөлүмү болуп саналат. Колледж төмөндөгү функцияларды аткарат:

1) ОКББнын билим берүү программасынын билим берүүнүн программаларынын аткарылышын көзөмөлдөйт;

2) окуу процессинин жүрүшүн жана студенттердин практикасынын бардык түрлөрүнүн өтүшүн, ошондой эле окуу сабактарынын графигинин аткарылышын көзөмөлдөйт;

3) семестр ичинде билимдин учурдагы көзөмөлүн, ошондой эле сынактарды өткөрүүнү уюштурат;

4) окуу- методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча окуу-методикалык комиссиялардын ишин координациялайт жана көзөмөлдөйт;

5) студенттерди тарбиялоо иштерин, ошондой эле чыгармачылык ийримдерди жүргүзүү боюнча жалпы жетекчиликти камсыз кылат.

145. Колледжге директор жетекчилик кылат. Колледждин директору 65 жаш курактан ашпаган, тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы илимий даражасы бар жогорку квалификациялуу, тажрыйбалуу илимий-педагогикалык кадрлардын ичинен ректордун буйругу аркылуу, эмгек келишимдин негизинде 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

Колледждин директорун кызматка дайындоонун жана мөөнөтүнөн мурда бошотуунун тартиби Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актылар менен аныкталат.

146. Колледждин ишинин негизги маселелерин кароо үчүн Университеттин ректору бекиткен тиешелүү Жобонун негизинде иш алып барган Педагогикалык кеңеши түзүлөт. Колледждин Педагогикалык кеңешине колледждин директору жетекчилик кылат.

147. Кафедра (филиал, институт, жогорку мектеп) Университеттин жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларынын бир же бир нече тектеш дисциплиналары боюнча окуу, методикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүчү негизги окуу- илимий түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

Кафедранын филиалдары ишканалардын, кесиптик лицейлердин жана колледждердин базасында түзүлүшү мүмкүн жана кафедранын окуу жана илимий бөлүмү болуп саналат. Кафедранын филиалы Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен түзүлөт. Кафедранын филиалынын башчысы Университет менен ишкананын (кесиптик лицей, колледж) ортосундагы келишимге ылайык дайындалат.

148. Иституттун, жогорку мектептин, филиалдын курамына кирген кафедра анын директоруна түздөн-түз баш ийет. Кафедра 5тен кем эмес штаттык окутуучудан түзүлөт, алардын ичинен 2ден кем эмеси илимий даражага жана/же окумуштуулук наамга ээ болууга тийиш. Жалпы кесиптик дене тарбия жана чет тили кафедралары, ошондой эле көркөм жана искусство багыттары боюнча программаларды ишке ашыруучу кафедралар илимий даражасы жана окумуштуулук наамы жок маданият жана искусство жаатындагы жогорку квалификациялуу адистердин ичинен түзүлүшү мүмкүн.

149. Илимий-педагогикалык кызматкерлердин негизги билими, илимий даражалары, окумуштуулук наамы же илимий ишинин багыты кафедранын профилине ылайык келиши керек.

150. Функционалдык ишмердүүлүгүнө ылайык төмөндөгүдөй кафедралар болушу мүмкүн:

1) жалпы кесиптик – студенттерди жалпы кесиптик даярдоо программаларын ишке ашыруучу;

2) бүтүрүүчү – теориялык, практикалык жана кесиптик атайын даярдоону жүргүзгөн, курстук жана бүтүрүү иштерине (долбоорлоруна) жетекчилик кылган жана студенттерди практикаларынын бардык түрлөрүн уюштуруучу;

3) илимий – илимий иштерди жүргүзүүчү, илимий кадрларды башкаруучу жана даярдоочу, ошондой эле Университеттин патенттик ишин көзөмөлдөөчү.

151. Кафедранын милдети – бир же бир нече тектеш багыттар боюнча окуу, окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштерин; студенттер арасында тарбия иштерин; кафедранын профили боюнча илимий изилдөөлөрдү; илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатууну жогорку деңгээлде уюштуруу жана ишке ашыруу.

152. Кафедраны ректордун буйругу менен дайындалган, кафедранын профилине ылайык квалификациясы, илимий даражасы жана илимий-педагогикалык иш тажрыйбасы бар жетекчи жетектейт. Дене тарбия жана чет тили кафедралары, ошондой эле көркөм жана искусство багыттары боюнча программаларды ишке ашыруучу кафедралардын башчылары илимий даражасы жана окумуштуулук наамы жок маданият жана искусство жаатындагы жогорку квалификациялуу адистердин ичинен ректордун буйругу менен дайындалышы мүмкүн.

153. Кафедра башчысы Университеттин кафедрасынын ишмердүүлүгүнүн маселелери талкууланган бөлүмдөрдүн ишине катышат; кафедранын иш пландарын, илимий-педагогикалык кызматкерлеринин жеке иш пландарын, кафедранын деңгээлиндеги башка документтерди бекитет; бөлүмдүн кызматкерлеринин ортосунда педагогикалык жүктү, функционалдык милдеттерди бөлүштүрүүнү, алардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын көзөмөлдөйт.

154. Бир эле адам катары менен он жылдан ашык кафедра башчысы болуп иштей албайт. Эгерде кафедранын аталышы өзгөрсө жана ошо менен бирге окуу программаларынын мазмуну жана кафедранын коллективи өзгөрүүсүз калса, анда кафедрага катары менен он жылдан ашык эмес жетекчилик кылуу талаптары сакталат. Кафедранын башчысы кафедранын ишинин сапаты үчүн жеке жоопкерчилик тартат жана Университеттин тиешелүү жоболоруна ылайык жыл сайын мониторинг жана баалоо процедурасынан өтөт.

155. Физикалык-математикалык профилдүү мектеп – Университеттин түзүмдүк бөлүмү. Физикалык-математикалык профилдүү мектептин директору педагогикалык билими, мектеп билим берүүсүнүн башкаруусунда тажрыйбасы бар кызматкерлердин ичинен ректордун буйругу менен 5 жылга чейин дайындалат жана бошотулат.

156. Кесиптик лицей Университеттин түзүмдүк административдик бирдиги болуп саналат. Кесиптик лицей төмөнкү функцияларды аткарат:

1) кесиптер боюнча КБББнын билим берүү программасын ишке ашырууга контролду жүзөгө ашырат;

2) окуу процессинин жүрүшүнө жана окуучулардын практикасынын бардык түрлөрүн өткөрүүгө, ошондой эле окуу графигинин аткарылышын контролдойт;

3) билимди учурда контролдоону, ошондой эле экзамендерди өткөрүүнү уюштурат;

4) окуу-методикалык каражаттарды иштеп чыгуу боюнча окуу-методикалык комиссиялардын ишин координациялайт жана контролдойт:

5) окуучулардын окуу-тарбия иштерине жалпы жетекчиликти, ошондой эле чыгармачылык ийримдерди камсыз кылат.

157. Кесиптик лицейди директор жетектейт. Кесиптик лицейдин директору 65 жаштан ашпаган, иш стажы бар тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрлардын ичинен ректордун буйругу менен эмгек келишимин түзүү менен 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат. Бир эле адам катары менен он жылдан ашык кесиптик лицейдин директору боло албайт.

Кесиптик лицейдин директорун кызматка дайындоонун жана мөөнөтүнөн мурда бошотуунун тартиби Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

158. Кесиптик лицейдин ишинин негизги маселелерин кароо үчүн Университеттин ректору бекиткен тиешелүү жобонун негизинде иш алып барган Педагогикалык кеңеш түзүлөт. Педагогикалык кеңешти кесиптик лицейдин директору жетектейт.

159. Университетте Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынуучу профсоюз уюмдары жана комитеттери, жаштар уюмдары (студенттердин өз алдынча башкаруусу), студенттик кеңештер, жаштар, студенттер комитеттери иштейт.

160. Университет мамлекеттик сырларды сактоо боюнча өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алат.

161. Университет мобилизациялык даярдыкты, жарандык коргонууну, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, жоюу боюнча иш-чараларды системалуу түрдө жүргүзөт.

162. Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү өзүнүн Уставын, жетекчилигинин жана Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин аткарууга милдеттүү. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү башка түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө укугу жок (жумуш ордунда окутууну уюштуруу максатында түзүлгөн кафедралардын филиалдарынан сырткары).

163. Университетте бир багыт же адистик боюнча билим берүү, даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кайталанган түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө тыюу салынат. Университет эл аралык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн кошумча түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө укуктуу.

164. Университет өзүнүн түзүмүндө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган биргелешкен өндүрүштүк ишканаларды түзө алат.

## 9. КАРЖЫЛЫК ЖАНА ЧАРБА ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ТАРТИБИ, КАРЖЫЛООНУН, МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООНУН БУЛАКТАРЫ

165. Университет өзүнүн Уставында каралган ишмердүүлүктү камсыз кылуу үчүн белгиленген тартипте имараттарды, курулмаларды, мүлктүк комплекстерди, жабдууларды, ошондой эле башка керектөө, социалдык, маданий жана мамлекеттик менчик болуп саналган, Университеттин балансында турган мүлктөрдү, объекттерди оперативдүү башкаруу укугу ыйгарылган.

166. Университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте берилген жер тилкелерин туруктуу (мөөнөтсүз) пайдалануу бекитилген.

167. Университет оперативдүү башкарууда өзүнө бекитилген мүлктүн сакталышы жана эффективдүү пайдаланылышы үчүн менчик ээсинин (менчик ээси тарабынан ыйгарым укук берилген органдын) алдында жооп берет. Университеттин бул чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнө көзөмөл мүлктүн ээси тарабынан жүзөгө ашырылат.

168. Университет өзгөчө статуска ылайык атайын каражаттардын эсебинен сатылып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү өз алдынча башкарат (ээликтен ажыратат, өзгөртөт, ижарага берет), ошондой эле Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү берүүдөн түшкөн акча каражаттарын тескейт.

169. Университет тарабынан уруксат берилген ишмердүүлүктөн алынган кирешелер, жана ал кирешелердин эсебинен алынган мүлк Университеттин өз алдынча башкаруусуна өтөт.

170. Университет өзгөчө статуска ылайык атайын каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системадан тышкары мамлекеттин катышуусу менен коммерциялык банктарда банктык эсептерди ачат.

171. Университет өз милдеттенмелерине карата карамагындагы акча каражаттары боюнча жоопту.

172. Университеттин каржылык иши бюджеттик каражаттардын эсебинен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кирешелер жана чыгашалар сметасынын негизинде жүзөгө ашырылат.

173. Университеттин каржылык иши Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу атайын каражаттардын эсебинен кирешелер жана чыгашалар сметасынын негизинде жүзөгө ашырылат.

174.Университет Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу эмек акысына бөлүнгөн каражаттардын үлүшүн өз алдынча аныктайт, Университеттин бардык категориядагы кызматкерлерине эмгек акынын, материалдык кызыктыруулардын жана материалдык жардамдын формаларын жана өлчөмдөрүн белгилейт.

175. Университетти каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) мамлекеттик билим берүү гранты боюнча адистерди даярдоону каржылоонун эсебинен Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка киреше алып келүүчү иш-аракеттерден, ошондой эле негизги жана билим берүүнүн бардык түрлөрү боюнча бюджеттен тышкаркы билим берүү иш-чараларынан түшкөн Университеттин каражаттары, кошумча билим берүү программалары, анын ичинде валюталык каражаттары;

3) мамлекеттик жана коммерциялык банктардын насыялары;

4) депозиттерден түшкөн кирешелер;

5) жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу салымдарынан, башка жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн ыктыярдуу тартуулары жана максаттуу төгүмдөрү;

6) акы төлөнүүчү окуу иш-чараларын, окуу-өндүрүштүк өнөрканалардын, окуу-тажрыйба тилкелеринин, чарбалардын, басмаканалардын, коомдук тамактануу бөлүмдөрүнүн жана Университеттин башка курамдык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле башка ишкердик жана башка киреше алып келүүчү иш-чаралардын каражаттары;

7) илимий-изилдөө иштерине берилген мамлекеттик гранттар;

8) илимий-өндүрүштүк, инновациялык ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелер;

9) мамлекеттик имараттарды, курулмаларды, жер тилкелерин, жабдууларды билим берүү уюмдарынын чыгымдарынын ордун толтуруу, жеке жана башка формадагы стипендиялар, ссудалар, жеңилдиктер түрүндө мамлекеттик каржылоо;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка булактардан алынган каражаттар, анын ичинде эл аралык гранттар;

11) өзгөчө статуска ылайык Университеттин ишин жана материалдык-техникалык базасын жакшыртууга билим берүү, консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүш-коммерциялык жана мыйзамда тыюу салынбаган башка ишмердүүлүктөн түшкөн каражаттар түрүндө алынган кирешелер багытталат;

12) Университет пайда алууга багытталган коммерциялык ишканаларды түзүүгө жана алардын тең уюштуруучусу болууга укуктуу. Алынган пайда Университет тарабынан Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө багытталат;

13) Университет Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча максаттуу капиталды түзүү үчүн эндаумент фондун түзүүгө укуктуу, анын банктык пайыздары Университетти өнүктүрүүгө багытталат.

176. КБББ, ОКББ, жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда Университеттин билим берүү ишмердүүлүгүн каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен ар бир студентке белгиленген ченемдик каржылоонун негизинде кабыл алуу боюнча (көзөмөл сандардын) белгиленген тапшырмаларды эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

177. Университет келишимдерди түзүүгө, милдеттенмелерди аныктоого жана ушул Уставга каршы келбеген башка шарттарга тиешелүү маселелерди Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу өз алдынча чечет.

178. Университет өзүнүн эмгек акы төлөө үчүн болгон каражаттарынын чегинде Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашылган тиешелүү локалдык ченемдик актыга ылайык өз кызматкерлерине кошумча төлөмдөрдүн, үстөк акылардын, сыйлыктардын жана башка дем берүүчү төлөмдөрдүн өлчөмүн өз алдынча аныктайт.

179. Өзгөчө статуска ылайык Университет өз алдынча Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча сатып алууларды жүргүзүүнүн бекитилген ички эрежелерине ылайык сатып алууларды жүргүзөт.

180. Университеттин чарбалык иши окуу жана илимий процесстерди жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылууга, китепкананы, окуу кабинеттерин жабдуулар, инвентарлар, материалдар жана башкалар менен камсыздоого багытталган.

181. Университет белгиленген тартипте:

1) Университет юридикалык жак статусуна ээ болгон түзүмдүк бөлүмдөрүн жана филиалдарын камсыздоого каржылык ресурстар боюнча менеджердин функцияларын аткарат, алардын милдеттеринин лимиттерин бекитет, мыйзам тарабынан тыюу салынбаган, ишмердүүлүктөн түшкөн каржылык каражаттарды эсепке алуу үчүн эсептешүү эсептерин ачууга уруксаттарды берет;

2) өзгөчө статуска ылайык юридикалык жак статусу бар Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана филиалдарына капиталдык жана учурдагы оңдоого, аларга бекитилген материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө байланышкан каржылык чыгымдарды, алардын балансында жок, бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметаларында көрсөтүлгөн чектерде тартууга укук берет;

3) бюджеттик каржылоонун жана мыйзамда тыюу салынбаган иштерден белгиленген тартипте түшкөн каражаттардын чегинде өз милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылат;

4) студенттердин жеңилдетилген категориясын Университеттин жатаканасы жана медициналык пункттарында медициналык тейлөө менен камсыздайт, ошондой эле алардын бош убактысын (студенттердин окуу процессине байланышкан театралдык-оюн-зоок, спорттук, маданий иш-чараларды) уюштурат;

5) Университеттин профилине ылайык келген багыттар боюнча юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышын камсыздайт;

6) Университеттин билим берүү процесси менен байланышкан басма жана полиграфия ишин, басма жана аудиовизуалдык продукцияны, окуу программаларын, маалыматтык жана башка материалдарды өндүрүүнү, жайылтууну жана сатууну белгиленген тартипте каржылайт;

7) маркетингдик иш-чараларды, жарманкелерди, көргөзмөлөрдү, симпозиумдарды, конференцияларды уюштурууну жана өткөрүүнү каржылайт;

8) илимдин приоритеттүү багыттары боюнча студенттердин, аспиранттардын, докторанттардын жана кызматкерлердин илимий изилдөөлөрүн каржылайт;

9) өз ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарына ылайык Университетке бекитилген жер тилкелеринде жаңы имараттарды жана курулмаларды капиталдык курууну жүргүзөт;

10) Университетке бекитилген имараттардын жана курулмалардын кезектеги жана капиталдык оңдоолорун жүргүзөт.

182. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган киреше алып келүүчү иштерди жүргүзүүгө укуктуу.

183. Өзгөчө статуска ылайык Университет акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтерин өз алдынча түзөт жана бекитет. Ар бир окуу жылы үчүн окуу акысынын өлчөмү Университеттин ректору бекиткен чыгымдардын сметасы менен Көзөмөлчүлүк кеңештин макулдашуусу аркылуу аныкталат.

Билим берүүнүн сметалык наркы окуу, билим берүү жана илимий процесстерди өткөрүүгө жана маалыматтык камсыздоого, Университетти учурдагы тейлөөгө, анын кызматкерлери менен студенттеринин иш сапарларына кеткен чыгымдар, эмгек акы төлөө үчүн каражаттарды түзүү, материалдык-техникалык базаны жана кызматкерлерди материалдык жактан стимулдаштырууну, студенттерди социалдык жактан колдоону камтышы керек.

Түшкөн пайда окутуунун наркына кирбейт.

184. Университет окууга тапшыруучуларды окутуунун наркын төлөөнүн тартиби менен (окуу үчүн төлөнүүчү акынын өлчөмүн, аны төлөөнүн тартибин жана мөөнөтүн, акы төлөөнүн мөөнөтүн жана төлөнүүчү сумманын өлчөмүн бузгандыгы үчүн өз ара жоопкерчилик, санкция ж.б.) тааныштырууга жана билим алуучулар (заказчылар) менен түзүлүүчү келишимдерде чагылдырууга милдеттүү.

185. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Университеттин каржылык жана материалдык ресурстарын алып коюуга жол берилбейт.

Учурдагы жылда (кварталда, айда) пайдаланылбаган каражаттар Университеттин кийинки жылдын (кварталга, айга) каржылоосуна чегерилиши мүмкүн эмес.

186. Университетке мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттар Казыналык тарабынан көзөмөлдөнөт. Университет тарабынан алынган бардык башка каражаттар Көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан көзөмөлдөнөт.

187. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана уставда белгиленген тартипте өзүнүн тышкы экономикалык иш-аракеттеринен түшүүчү бюджеттен тышкаркы каражаттарды, анын ичинде валюталык каражаттарды да өз алдынча башкарат.

188. Университет Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекемелериндеги бухгалтердик эсеп боюнча нускаманы жана ректордун буйругу менен бекитилген Университеттин эсеп саясатын жетекчиликке алуу менен оперативдүү бухгалтердик эсепти жүргүзөт.

189. Бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн формалары жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет. Чейректик жана жылдык каржылык отчеттуулукту берүүнүн мөөнөттөрү уюштуруучулар тарабынан белгиленет.

Университеттин статистикалык отчеттуулугунун формалары, даректери, аларды берүү мөөнөттөрү жана тартиби Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдары тарабынан белгиленет.

190. Университетте каржы-чарбалык ишмердүүлүктү көзөмөлдөө аудиттин эл аралык стандарттарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин өзгөчө статусуна ылайык жыл сайын, көз карандысыз тышкы же ички (университет ичиндеги) аудит аркылуу ишке ашырылат.

## 10. УНИВЕРСИТЕТТИН ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА БАШКАРУУ ТАРТИБИ

191. Университеттин ишмердүүлүгүнө Министрликтин жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызматка дайындалуучу жана бошотулуучу ректор түздөн-түз жетекчилик кылат. Ректорду кайра дайындоодо анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү сакталат.

Ректор 5 жылдык мөөнөткө кызматка дайындалат. Бир эле адам Университеттин жетекчисинин ишин он жылдан ашык жүргүзө албайт.

192. Университеттин ректору кызматынан бошотулган учурда Министрлик ректордун милдеттерин убактылуу аткарууну проректорлордун бирине жүктөйт. Ректордун милдетин аткаруучу Университеттин кызматкерлерин кызмат ордунан бошотууга же дайындоого укугу жок.

Университеттин ректору белгиленген тартипте аныкталган окуу, илимий, финансылык-чарбалык иш жана кадрлар менен иштөө чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

Университет аккредитациядан өтпөгөн учурда да же анын статусу төмөндөгөндө ректор мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотулат.

Ректор мөөнөтүнөн мурда бошотулганда тиешелүү иш участогу үчүн түздөн-түз жооп берген анын орун басарлары да кызматтан бошотулат.

193. Университеттин ректору:

1) Университеттин билим берүү, илимий, өндүрүштүк, чарбачылык жана каржылык ишмердүүлүгүн жетектейт, аны өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт;

2) бардык уюмдарга жана мекемелерге Университеттин атынан ишеним катсыз чыга алат;

3) кызматкерлерди, алардын ичинде илимий-педагогикалык персоналды ишке кабыл алууну, иштен бошотууну жана башка кызматка которууну, Университеттин бардык кызматкерлери, анын ичинде филиалдардын жетекчилери, алардын орун басарлары менен болгон эмгек келишимдерин түзүүнү, өзгөртүүнү жана бузууну ишке ашырат;

4) өзгөчө статуска ылайык Университеттин окуу (академиялык) иштери боюнча проректорун кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

5) Университеттин башка проректорлорун, башкы бухгалтерин, институтун, жогорку мектептин, филиалдын, колледждин, кесиптик лицейдин жана физикалык-математикалык профилдүү мектептин директорун кызматка дайындайт жана бошотот;

6) Университеттин түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот;

7) кызматкерлерди сыйлоо жана тартиптик жоопкерчиликтери боюнча маселелерди чечет;

8) өзгөчө статуска ылайык Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашылган штаттык тизимди бекитет;

9) түзүмдү жана бардык түзүмдүк бөлүмдөрдөгү кызматкерлердин кызматтык нускамаларын бекитет;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана ушул Уставдын негизинде Университеттин мүлкүнө ээлик кылууну башкарат;

11) келишимдерди түзүүгө, милдеттерди жана башка шарттарды аныктоого байланыштуу болгон маселелерди чечет;

12) Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө Жобону жана башка локалдык ченемдик актыларды бекитет;

13) Университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген тартипте Университеттин кызматкерлерине бериле турган үстөк акылардын, кошумча акылардын жана сый акылардын ченемин бекитет;

14) Университеттин филиалдарындагы бюджеттин кирешеси жана чыгашасы, ошондой эле киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөн алынган каражаттары боюнча сметаларды бекитет;

15) Университеттин атынан жамааттык келишимге кол коёт;

16) Университеттин өнүгүү стратегиясын, ошондой эле аны ишке ашыруунун ар бир жылдык планын иштеп чыгат жана аны Окумуштуулар кеңеши жактыргандан кийин бекитет;

17) мамлекеттик, кызматтык жана коммерциялык жашыруун сырларды камтыган маалыматтарды коргоо боюнча иштерди уюштурат;

18) каржылык жана материалдык ресурстардын келип түшүшү жана чыгымдалышы тууралуу жана Университеттин өнүгүү стратегиясынын ишке ашырылышы тууралуу ар жыл сайын Окумуштуулар кеңешине отчет берет;

19) Университеттин тышкы экономикалык ишмердүүлүгүндөгү негизги маселелерге тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алат;

20) Университеттин уставдык ишмердүүлүгүндөгү маселелер боюнча Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышын камсыз кылат;

21) өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Университеттин бардык кызматкерлери жана окуп жаткандар үчүн милдеттүү болгон буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү чыгарат;

22) бардык мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдарда Университеттин кызыкчылыктарын көрсөтүү укугуна ишеним каттарды берет.

194. Ректор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык Университеттин атынан аракет кылат.

195. Ректор жыл сайын Окумуштуулар кеңешинин жыйынында, ошондой эле профессордук-окутуучулук (педагогикалык) курамдын, студенттердин, алардын ата-энелеринин жана Университетте окуп жаткандардын катышуусундагы чогулуштарда Университеттин иштери тууралуу баяндама жасап турат.

196. Билим алуучуларды даярдоонун сапатына, каржылык тартипке, эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүгө, мүлктүн жана башка материалдык баалуулуктардын сакталышына, кызматкерлердин эмгектик укуктарынын жана билим алуучулардын укуктарынын сакталышына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышына жеке жоопкерчилик кылат.

197. Университеттин ректору өзүнүн ыйгарым укуктарынын айрым бөлүгүн проректорлорго жана Университеттин башка жетекчи кызматкерлерине берүүгө укуктуу.

198. Проректорлордун жана башка жетекчи кызматкерлердин ортосундагы кызматтык милдеттердин бөлүштүрүлүшү ректордун буйругу менен аныкталат.

199. Проректорлор мөөнөттүк эмгек келишими боюнча ишке алынат, алардын мөөнөттөрүнүн аякташы ректордун ыйгарым укуктарынын аякташына туура келет.

200. Проректорлордун саны адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу жана Университетти өнүктүрүү максатындагы объективдүү зарылдыктардан алынып, Көзөмөлчүлүк кеңешинин макулдашуусу аркылуу Университеттин ректору тарабынан аныкталат.

201. Университеттин ректорунун, проректорлорунун, окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн директорлорунун (кафедра башчыларынан, жогорку мектептин директорлорунан башкалары) кызматтарын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык, эмгек келишимдеринин мөөнөттөрүнө карабастан, 65 жаш курактан ашпаган адамдар ээлей алышат.

202. Университеттин ректорунун алдында кеңешме орган – Ректордук кеңеш түзүлөт, анын чечимдери сунуштама мүнөзгө ээ болот. Ректордук кеңештин жыйындарында Университеттин учурдагы негизги маселелери каралат. Ректордук кеңештин курамы, анын укуктары жана милдеттери, жыйындарды өткөрүү регламенти жана чечимдердин кабыл алынышы Университеттин ректору тарабынан бекитилет.

203. Университеттин түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишмердүүлүктөрү алардын жетекчилери тарабынан камсыздалат. Алар өз ишмердүүлүгүндө ректор тарабынан бекитилген тийешелүү түзүмдөр тууралуу жоболорду жана тиешелүү кызматтык нускамаларды жетекчиликке алат. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери бул түзүмдөрдөгү иштердин жыйынтыктарына жеке жоопкерчиликти алат.

204. Институттун директору жана жогорку мектептин директору Университеттин ректорунун буйругу менен дайындалат жана бошотулат. Институттун директору жана жогорку мектептин директору менен 5 жылга чейинки мөөнөт менен эмгек келишими түзүлөт.

205. Кафедраны Университеттин ректорунун буйругу менен дайындалган башчы жетектейт. Кафедра башчысы менен 5 жылга чейинки мөөнөт менен Университеттин тиешелүү жобосуна ылайык, жылдык мониторингдин жана баалоонун жыйынтыгы боюнча эмгек келишими түзүлөт.

206. Кафедра башчылыгына тийиштүү квалификациядагы илимий-педагогикалык кызматкерлердин ичинен жана тийиштүү профили боюнча илимий даражасы бар (чет тилдери, маданий жана искусство, ошондой эле дене тарбиясы кафедралары үчүн окумуштуулук даража жана окумуштуулук наам талап кылынбашы мүмкүн) адамдар дайындалат.

207. Институттун директору, жогорку мектептин, филиалдын директору, кесиптик лицейдин директору же кафедра башчысы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ушул Уставды жана Университеттин башка локалдык ченемдик актыларын бузган учурда ректор аларды ээлеген кызматтарынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу маселени Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечимине коюуга укуктуу. Профессордук-окутуучулук (педагогикалык) курамдын калган бардык категориялары келишимдин негизинде кабыл алынат жана Окумуштуулар кеңешинде каралбастан ректордун буйругу менен бошотулат.

208. Окуу, илимий-изилдөө, методикалык, илимий-педагогикалык (педагогикалык) кадрларды жыйнактоо жана даярдоо иштерин жалпы жетектөөчү шайлоо органы – Университеттин Окумуштуулар кеңеши жүргүзөт, анын төрагасы ректор болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин курамы ректордун буйругу менен 2 жылдык мөөнөткө бекитилет.

209. Шайлоонун тартиби жана Окумуштуулар кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштуруу, анын курамын жана ыйгарым укуктарын аныктоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген тиешелүү типтүү жобонун негизинде Университеттин Уставы жана локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

210. Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү ээлеген кызматынан бошотулганда, каза болгондо, оорусу же өзүнүн каалоосу боюнча кызматтан кеткен учурда ректордун буйругу менен анын курамына окуу жылынын ичинде өзгөртүүлөр киргизилет.

211. Университеттин Окумуштуулар кеңеши:

1) Университеттин Уставын жана уюштуруучулук-башкаруу түзүмүн карайт;

2) Университеттин өнүгүү стратегиясын жана аны ишке ашыруунун пландарын, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүнүн бардык спектрлери боюнча иштеринин негизги багыттарын карайт жана бекитет;

3) окуу жана илимий ишмердүүлүктүн уюштуруучулук-методикалык маселелерин, кадрларды кайра даярдоону, тышкы байланыштарды чечет;

4) институттарды, жогорку мектептерди, филиалдарды, колледждерди, кесиптик лицейлерди, физикалык-математикалык профилдүү мектепти, кафедраларды, илимий жана окуу бөлүктөрүн, ошондой эле алардын аталыштарын түзүү, жоюу, ирилештирүү жана бөлүү маселелерин карайт;

5) түзүмдүк юридикалык бөлүмдөрдүн жана Университеттин ортосундагы укуктук мамилелердин формасын аныктайт;

6) КБББ, ОКББ, ЖКББ, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча билим берүү боюнча жаңы билим берүү программаларын ачуу жана уюштуруу маселелерин карайт;

7) Университеттин билим берүү стандарттарын, билим берүү программаларын бекитет, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүн уюштуруу механизмдерине тийиштүү болгон жоболорду карайт;

8) окуу процессин уюштуруу жана оптималдаштыруу, окуу процессине окутуунун натыйжалуу технологияларын киргизүү маселелерин карайт;

9) изденүүчүлөрдүн иштерин, профессорлордун, доценттердин (улук илимий кызматкерлердин) наамдарын карайт, алардын илимий наамдарын бекитүүгө көрсөтөт;

10) Министрликтин алдындагы Жогорку аттестациялык комиссияга окумуштуулук даражага жана илимий жетекчиликке сунуштоо үчүн белгиленген тартипте конкурстук шайлоолорду өткөрөт;

11) Университеттин ректорунун ар бир жылдык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жана Университеттин Өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча отчетун угат;

12) илимдин доктору жана кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертациялардын шифрин, темаларын жана илимий жетекчилерди (консультанттарды) бекитет;

13) Университеттин жергиликтүү ченемдик актыларын карайт жана бекитет;

14) Университеттин комиссияларынын жана комитеттеринин курамын бекитет (коррупцияга каршы комиссия, сыйлыктар комиссиясы ж.б.);

15) Университеттин ишине тиешелүү башка маселелерди чечет.

212. Ишмердүүлүктүн негизги багыттарын координациялоо үчүн Университетте адистердин тиешелүү кеңештери түзүлөт (илимий-техникалык, окуу-методикалык, педагогикалык ж.б.).

213. Университеттин алдында Окуу-методикалык бирикме (ОМБ) иштейт, анын негизги максаты – билим берүүнүн, илимдин, техниканын жана технологиялардын өнүгүшүнүн заманбап дүйнөлүк тенденцияларына ылайык Кыргыз Республикасынын улуттук квалификациялык системасынын негизинде кесиптик жогорку жана орто билим берүү чөйрөсүндө даярдоонун жогорку сапатын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын эл аралык билим берүү мейкиндигине андан ары интеграциялоо боюнча билим берүү саясатын аныктоо жана жүргүзүү болуп саналат. Өзгөчө статуска ылайык Университететте ОМБнын курамы өз алдынча түзүлөт, Окуучтуулар кеңешинде каралат жана ректордун буйругу менен бекитилет. ОМБнын иш тартиби локалдык акт менен аныкталат.

Университеттин Окуу-методикалык кеңеши (ОМК) окуу-методикалык ишмердүүлүктү координациялоо боюнча иш жүргүзөт, ошондой эле Университеттин билим берүү стандарттарын иштеп чыгат. ОККнын курамы, анын иш тартиби локалдык акт менен аныкталат.

214. Көзөмөлчүлүк кеңеши – Университетти юридикалык жаксыз статусу менен тең башкаруучу шайлоо органы, ал Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндөгү» Мыйзамынын негизинде аракет кылат. Көзөмөлчүлүк кеңеши Университеттин Уставдык максаттарына жетишүүсү үчүн көмөк көрсөтүү боюнча, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуу жана алардын

максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөө боюнча өз эрки менен жана акысыз негизде функцияларды ишке ашырат. Көзөмөлчүлүк кеңеши Университеттин ишмердүүлүгүнүн жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга жана билим берүүчүлүк кызматтардын сапатын жогорулатуу үчүн Министрликке көмөк көрсөтүү максатында аракет кылат.

215. Көзөмөлчүлүк кеңеши өз ишмердигин мамлекеттик органдардын, локалдык өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн анын ишмердүүлүгүнө өз эрки менен жана акысыз катышуу принциптеринде жүргүзөт. Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү тартиби КР «Көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык жана Министрликтин буйругуна жараша аныкталат.

216. Көзөмөлчүлүк кеңешинин максаты көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү, Университеттин ишмердүүлүгүнүн ачыктыгы, ошондой эле бюджеттен тышкары каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышы болуп саналат.

217. Көзөмөлчүлүк кеңешинин милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Университеттин ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

2) Университетке анын уставдык максаттарына жана милдеттерине жетишүүсүнө көмөктөшүү;

3) Университеттин жарандык коом уюмдары, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

4) Университетти каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча каржы булактарын тартуу.

218. Көзөмөлчүлүк кеңешинин ыйгарым укуктары:

1) Университеттин уюштуруучу-башкаруучулук түзүмдөрүн иштеп чыгууга жана кабыл алууга көмөктөшөт;

2) Университеттин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле билим берүүчүлүк кызматтардын сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;

3) Университет үчүн тартылган бюджеттен тышкары каражаттарды чыгымдоо сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдүк кылат;

4) Университеттин Ички аудит кызматы жыл сайын аткарган ички аудитинин жыйынтыктарын карайт;

5) каржы-чарбачылык ишмердүүлүккө тийиштүү болгон Университеттин локалдык ченемдик актыларын карайт;

6) Университеттин өнүгүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды) жана каржылоонун башка булактарын издөө жана тартуу иштерин жүргүзөт.

219. Кызматкерлердин жана Университетте билим алуучулардын кызыкчылыктарын коомдук уюмдар көрсөтө алышат, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аракет кылышат.

220. Жемкорчулукту токтотуу максатында Университетте Антикоррупциялык комиссия түзүлөт, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору тарабынан бекитилген жобого ылайык жөнгө салынат. Антикоррупциялык комиссиянын ишинин жыйынтыктары профессордук-окутуучулук курамга жана кафедра башчыларына, ошондой эле башка окуу түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилерине жылдык мониторинг жана баалоо өткөрүү учурунда эске алынат.

221. Университеттин кызматкерлери тарабынан өздөрүнүн эмгектик милдеттерин аткарууга таандык болгон дисциплинардык жоопкерчиликти көзөмөлдөө максатында Эмгек тартиби жана этика боюнча комитет түзүлөт, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору бекиткен тиешелүү жобого ылайык жөнгө салынат. Комитет (комиссия) кесиптик уюм комитетинин макулдашуусу боюнча ректордун буйругу менен түзүлөт.

222. Каржылык жоопкерчиликти, келип түшкөн каржылык каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөө максатында Университетте Каржылык комитет түзүлүшү мүмкүн, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору бекиткен тиешелүү жобого ылайык жөнгө салынат.

223. Студенттерге социалдык колдоо көрсөтүү максатында Жеңилдик берүү комиссиясы түзүлөт, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору бекиткен тиешелүү жобого ылайык жөнгө салынат.

224. Университеттин кызматчыларынын эмгегин стимулдаштыруу максатында Сыйлоо комиссиясы түзүлүшү мүмкүн, анын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктар мыйзамына жана тармактар сыйлыктары тууралуу жоболорго, ошондой эле локалдык ченемдик актыларга ылайык жөнгө салынат.

## 11. УНИВЕРСИТЕТТИН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

225. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, ишканалар жана уюмдар менен түз байланыш түзүүгө, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илимий программаларды ишке ашырууга, мамлекеттер аралык жана эл аралык коомдук билим берүү бирикмелерине кирүүгө укуктуу.

226. Эл аралык иштин бардык түрлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген келишимдердин жана макулдашуулардын (эгерде Кыргыз Республикасы тиешелүү мамлекет менен түзгөн эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса) негизинде жүзөгө ашырылат.

227. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле эл аралык келишимдерге ылайык орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү, илимий, илимий-техникалык, окутуучулук жана башка иш-чаралар чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты төмөндөгүлөр аркылуу жүзөгө ашырат:

1) студенттерди, аспиранттарды, докторанттарды, педагогикалык жана илимий кызматкерлерди эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышуу;

2) чет өлкөлүк студенттерди, аспиранттарды жана докторанттарды окутуу;

3) Университеттин студенттерин, аспиранттарын жана докторанттарын мобилдүүлүк программалары боюнча чет өлкөгө окууга жана стажировкага жөнөтүү;

4) илимий-педагогикалык кызматкерлерди жана Университеттин башка кызматкерлерин мобилдүүлүк программалары боюнча чет өлкөгө жөнөтүү;

5) биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, ошондой эле конгресстерди, конференцияларды, симпозиумдарды жана башка иш-чараларды өткөрүү;

6) эл аралык бирикмелердин жана уюмдардын ишине катышуу;

7) орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнү өркүндөтүү боюнча эл аралык программаларга катышуу;

8) эл аралык кызматташтыктын башка түрлөрүнө катышуу.

228. Университетте чет мамлекеттердин жарандарын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, Университеттин кызматкерлеринин чет өлкөлөрдө окутуучулук жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгү уюштуруучулар менен чет мамлекеттердин тиешелүү билим берүү башкармалыгынын органдарынын ортосундагы келишимдер, ошондой эле Университет чет өлкөлүк юридикалык жактар, анын ичинде кесиптик жогорку билим берүү уюмдары менен же чет өлкөлүк жарандар менен түзүлгөн келишимдер боюнча мамлекеттер аралык келишимдердин негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

229. Университет Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык төмөнкүлөргө укуктуу:

1) тышкы экономикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө;

2) эл аралык билим берүү ассоциацияларына жана консорциумдарына катышууга;

3) ар кандай булактардан каржыланган эл аралык билим берүү, илимий, инновациялык жана инвестициялык долбоорлорго катышууга;

4) чет өлкөлүк билим берүү жана илимий уюмдар менен биргелешкен билим берүү, илимий жана инновациялык түзүмдөрдү ачууга;

5) билим берүү, илимий жана инновациялык багыттагы эл аралык долбоорлорго катышууга же эл аралык долбоордун демилгечиси болууга.

## 12. УНИВЕРСИТЕТТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ЛОКАЛДЫК ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ТИЗМЕСИ

230. Университеттин ишмердүүлүгү төмөнкү локалдык ченемдик актылар менен жөнгө салынат:

1) ушул Устав аркылуу;
2) Окумуштуулар кеңешинин чечимдери жана токтомдору аркылуу;
3) Ректордун буйруктары жана көрсөтмөлөрү аркылуу;
4) Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган жана ректордун буйругу менен бекитилүүчү жоболор жана эрежелер аркылуу;
5) ректор бекиткен нускамалар аркылуу;
6) Жамааттык келишим аркылуу.

## 13. УСТАВДЫ ӨЗГӨРТҮҮНҮН ТАРТИБИ

231. Уставга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Окумуштуулар кеңеши тарабынан каралат, Министрлик менен макулдашылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юстиция органдарында катталууга тийиш.

## 14. УНИВЕРСИТЕТТИ КАЙРА ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ

232. Университет Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы жана Министрликтин чечими менен окуу жылынын аягында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра түзүлүшү же жоюлушу мүмкүн. Бул учурда Министрлик билим алуучуларды башка билим берүү уюмдарына которуу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

233. Университеттин ишмердүүлүгүн токтото туруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана (же) ушул Устав Университет тарабынан бузулган учурда, ошол бузулган бөлүгүндө гана жана мыйзамда белгиленген тартипте соттун чечими чыкканга чейин гана мүмкүн болот.

234. Университетти жоюуда же кайра уюштурууда иштен бошотулган кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын кызыкчылыктарынын укуктарынын сакталышы кепилденет.

235. Университет жоюлган учурда Министрлик банктардын жана илимий жана (же) илимий-техникалык маалыматтардын, анын ичинде жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтардын базаларынын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт.

236. Университетти кайра уюштурууда анын ишинин жүрүшүндө түзүлгөн бардык документтер, анын ичинде жеке курам боюнча документтер укук мураскерине, ал эми жоюлган учурда Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивине сактоого өткөрүлүп берилет.

237. Университет кайра уюштурулганда, түзүмү жана статусу өзгөргөндө уставга тиешелүү өзгөртүүлөр (толуктоолор) киргизилет.

238. Юридикалык жактын ишин токтотууну каттоо датасы болуп, каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыгарылган күн эсептелет.

И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору М.К. Чыныбаев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы ____ барак

баардыгы ____ өткөрүлдү

20___ ж. "___" ________

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на 34 листах

«29» 08 2025 г.

КЕҢСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Прошнуровано и пронумеровано
На 34 листах